ИСАБЕК ИСАКОВ





ИСАБЁК ИСАКОВ

*

# МЕКЕН МӨМӨЛӨРҮ

*

ЫРЛАР

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ, ФРУНЗЕ, 1977

С (Кирг)
И 85

И 85 **Исаков И.**

Мекен мөмөлөрү. Ырлар [Жаштар үчүн]. Ф., «Мектеп», 1977.

172 бет.

Акын бул ыр жыйнагында советтик жаштардын эмгегин даңазалап, алардын достукка, тунук махабатка болгон мамилесин, коммунисттик бийик идеалын даңазалайт.

С (Кирг)

И $\frac{743-098}{М\ 452\ (17)-77}$ 234—77

© Издательство «Мектеп», 1977

# АТА-ЖУРТ
# ТОЛКУНДАРЫ





# ТҮБӨЛҮК АЛЫП КЕЛДИ ЖАРЫК ТАҢДЫ

Тулпарлар алыс таштап арыштарын,
Көздөрдөн күйүп эрдик намыс жалын.
Канчалар найза сунуп, жаасын тарткан,
Ким билбейт өткөн заман чабыштарын...

Канча жан ал чабышта ыйлабады?
Канча чеп талкан болуп кыйрабады?
Тагдырдан сурап далай бакыт күнүн,
Канчалар тилек кылып ырдабады?...

А бирок, алсыздарды, карыптарды,
Алдейлеп, таң калтырып тарыхтарды.
Бир гана Октябрдин күрөштөрү,
Түбөлүк алып келди жарык таңды...

Ал таңда, өткөн чындык күйүүлөр бар,
Өлсө да, өмүрү өчпөс тирүүлөр бар.
Албыртып аппак жүзүн кыз-жигиттин,
Ал таңда — эрдиктер бар, сүйүүлөр бар.

Эмесе, нурдана бер, жарык таңым,
Ааламда өлбөс эрдик тарыхтарың.
Бийиктеп жылдыз чоку жеңиштерге,
Баратат максат күткөн арыштарым...

# ӨТСӨ ДЕЙМ

Өмүрүм шамдай жагылып,
Өзөндө суудай агылып...
Өтсө экен дайым жемиштүү,
Өрүшкө туудай тагылып.

Бараткан алыс сапарым,
Жайнатып жашоо акагын.
Жаз болуп турсун түбөлүк,
Жашылдан кийип чапанын...

Кылымдар жаткан жашырын,
Аңтарып жердин асылын.
Тапса деймин менин өмүрүм, —
Таалайдын алтын казыгын...

# МЕКЕН — ЭНЕ ТИЛЕГИ

Жер шары айтты:— «Бүлүк салды фашизм,
Тагы калды, күчөп далай жаратым...»
Энем айтты: — Эстегенде өрт ичим,
Кан майдандан кайтпай калды канатым!

Жер шары айтты:— «Мөмө болуп айланам,
Жаркылдасын Жердин жылдыз оттору!»
Энем айтты; — «Учпаса экен кайрадан,
Кан эңсеген каракчынын октору...»

Коштоп дайым мекен, эне тилегин,
Жаша, тынчтык, жашаар күнүм — тирегим.
Сезимдерге уяласын шаттык ыр,
Сен жылытып, Жер дүйнөнүн жүрөгүн.

# ТУУГАН ЖЕРГЕ ТОЛГОНУУ

Зыпылдап чабалекей канаттары,
Жан достой көркүн төгүп дарак дагы.
Таштасам тууган жерге кадамымды,
Шарт этет балалыктын барактары.

Жыт алсам жайлоо сымак абасынан.
Чыккансыйм жыпар гүлдүн арасынан.
Күлкүсүн атакемдин баба дыйкан,
Угамын ак буудайдын талаасынан.

Таңынын сулуулугун көрүп турам,
Тоосунда токой болуп өнүп турам.
Чынында тууган жерден кубаттанып,
Дүрт этип ыр жамгырын төгүп турам.

Комуздун күүсү кетпей кулагыман,
Өмүрдүн басар жолун сурап улам.
Энемдин ыр, күлкүсүн, берекесин,
Көрөмүн шылдыр аккан булагыңан.

О, мекен жылдыздарың көрүп нечен,
Ыр самап кээде сага келип кетем.
Сөзүнө кээ бирөөнүн тоңсом дагы,
Тууган жер! Мээримиңе эрип кетем.

# МЕКЕН МӨМӨЛӨРҮ

Сары өрүк, алча, жүзүм ширин белем,
Миң самап күн шооласын күлүңдөгөн.
Ах чиркин! таңдай жарып таттуу болгон,
Бал даамы алтын жердин, улуу сыйдын —
Бар белем касиет, күчү билинбеген...

Көтөрүп бирин эмес, миңин жүктү,
Сезимге уялатып биримдикти.
Биз дагы, гүл мекендин мөмөлөрү,
Жемишин төгүп дайым тууган элге,
Билгизип турсак экен шириндикти...

# АТА-ЖУРТ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОП...

Алтын чынар Ата журтка карасам,
Талбас эмгек, талаа бакыт, талаа шаң.
Күткөн үмүт гүл жыттарын аңкытып,
Күмүш жапкан Күн үстүндө баратам.
Өлбөс болуп кайрадан жаш төрөлүп,
Кыялымда кымбат күүнү жаратам...

Эмгек жарак жок эмес, бар колумда,
Кез болуп мен дүйнөдөгү сонунга.
Көркүнө көрк кошуп сулуу мекендин,
Көл түбүнөн каухар сузам оюмда.
Жаштык күүсүн сүрөп ыйык журтумдун,
Жалын болуп жангым келет бооруңда.

Коркпой эзел келген жоонун астында,
Айланып мен жалын бүркkөн ташкынга.
Кыш бороонун сүрүп таштап алыска,
Бөлөсөм дейм Ата журтту жаз нурга,
Дан берметин дайра кылып агызып,
Таалай гүлүн таккым келет таш, кырга!

# ЭЛ — ОКЕАН, АНЫН МЕН—БИР ТАМЧЫСЫ

Космос сырын ачып жаткан элдерим,
Өмүр күнүм, тирек, бактым сен менин.
Түрмөк күүлөр жүрөктөрдө уялап,
Түбөлүк ыр — жасап жаткан эмгегиң...

Өзүң менен бирге болдум жашымдан,
Өмүрүмө элес тактың жашылдан...
Эл деген — эл, толкун өтпөс тоо, — тирек,
Кыйындыкта кыялды ишке ашырган...

Сенин оюң, бирдик кебиң ар убак,
Сезимдерди касиетине аруулап.
Туу желбиреп асманымда, колумда,
Тунук дайра өмүр болуп агылат.

Элим менен — жанып өчпөс үмүт, дем,
Эргип келем, калбайын деп күлүктөн.
Эл — океан, анын мен — бир тамчысы,
Кан тамырым жүрөктөргө бириккен...

Элим күлсө, менин да шат кабагым,
Элим айтса, алып тынчтык жарагын...

Эмгек ырын миң кубултуп, достук деп, —
Эрдик иштин добулбасын кагамын!...

Ата журтта айдап малын, айдап дан,
Эмгек менен калпып сары каймактан.
Эл чоң дайра, а мен анын тамчысы —
Мөмө төгөр, чөл дарагын жайнаткан...

Ыйык көрүп көккө тийген чынарын,
Ыйык татып шыңгыр аккан булагын.
Мекен карзын кымбат санап өмүрдөн,—
Мен элимдин бийик алдым тууларын...

# БИЛИП КОЙ

Сен тыңша жердин жүрөк тамырларын,
Сезесиң тынчтык тилеп кагылганын.
Суулары өмүр берип адамзатка,
Билесиң мүрөк болуп агылганын.
Жактырып,
Жаның менен
Жалын менен
Чоң сыймык! Чырпык сайсаң мекениңе
Тынчтык деп
Тынчтык күнгө табынганың.

Жер эне нени баштан өткөрбөдү.
Көп жомок, тирүү тарых өткөндөрү
Карчылдап кастык, достук найза учунда,
Кар жааган качып жердин көктөм мээри.
Ал элес,
Кайрылбасын,
Жайнап жазым
Магдырап мукам ырга жер — энеке
Торгойлор
Сайрай берсин көктөмдөгү.

Балапан сүйөт жерде уяларын,
Бала да самайт өсүп кубанарын.
Көл толкуп, камыш шуудур, талаа нурдуу
Бейкутту тоо да эңсээрин сурабагын...
        А демек,
          Достук чыңап,
            Кайрат демеп
Береке, бакыт берген тынчтык менен
        Билип кой
          Жайнап өсүп түбөлүккө,
Туу болуп
Турмуш, өмүр уланарын...

## КӨРӨ КАЛСАМ СОЛДАТ УУЛУН

Гүлдү тепсеп, жүрөктөрдү жаралап,
Баткан кезде фашисттердин ченгели.
Мекен коргоп, ажал отун аралап,
Менин агам өрткө канат сермеди.

Сүйлөп эркин жаркылдатып кабагын,
Жөнөөрүндө Туз тоолорун караган.
Гүл бутагы — ыңаалаган баланын,
Чын бактысын, тынчтык күнүн самаган...

Канкор жырткыч татпоо керек даамын деп,
Жоо кыйратып, намыс отун бербеди.
Тузун коргоп, өскөн жердин керемет,
Агам менин жоодон кайтып келбеди...

Ошол туздун даамын татып туягы,
Ошол туздан очор-бачар жетилди.
Келе калат агамдын жаш курагы, —
Көрө калсам, солдат уулун — «жетимди»

## КАРАГАЙ

Турса да аппак кар селдеси,
Жапжашыл жаштык күү термеси.
Таш жарып, дарактар, гүл өнгөн,
Татына кыргыздын жергеси...

Тоо ырын толкундап ырдаган,
Өмүрдө өсүүсү тынбаган.
Жериме сайма көрк, жыт берип,
Кылымдар өтсө да сынбаган...

Асмандап алп кучак карагай,
Ак булут коюнун аралай.
Жашарып баратат жыл сайын,
Жашоодон кумары тарабай...

# ТАЛАА ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Сыр сактап далай замандар,
Талаамда баскан кадам бар.
Кара жер боору сөгүлүп,
Кара тер анда төгүлүп,
Ак данын алган адамдар.

Ырлар көп акын арнаган,
Гүлдөр көп кыздар тандаган.
Талаа-талаа, ук талаа!
Муң басып эрксиз күндөрдө
Кимдердин жашы тамбаган.

Талаалар өмүр — эртеңим,
Талаалар сыйкыр көркөмүң.
Берилип сага жаш жүрөк,
Таңшыган булбул үнүндөй,
Талаанын күүсүн чертемин.

Элиңе чексиз тараган,
Куюлса ырыс салааңан.
Эмгектүү, эчен түйшүктүү,
Сыйкырын чачып сулуу жаз
Келген ал бакыт талааман.

Кулпунтар кайра дүйнөнү,
Талаалар — бөбөк үйлөрү.
Бакытын мында жаратып,
Максаттуу эчен таң атып, —
Тойлору жаңы үйлөнүү...

Көлдөр бар талаа бетинде,
Чөлдөр бар талаа бетинде.
Дайра бар — ал бир кан тамыр,
Жандантып талаа өзөгүн,
Мөлт эткен жердин төшүндө...

Ошондо дыйкан тилеги,
Ошондо кызгылт ирени.
Талаа-талаа, ук талаа,
Көтөргөн сенин салмагың,
Дыйкандын балбан билеги.

Сыр катып далай замандар,
Талаамда баскан кадам бар.
Кара жер боору сөгүлүп,
Кара тер анда төгүлүп,
Ак данын алган адамдар!

# ФРУНЗЕ ШААРЫМ

Урматтап сени кары, жаштары да,
Туу ойноп, кептер учат асманыңда.
Негедир төбөм көккө тие түшөт,
Аллей, бак, асфальт көчөң басканымда.

Күлгүн жаз шаарым, күн шаарым,
Күндүзбү деймин түн шамың!
Эмгекке бизди чакырган, —
Эрдиктин жолу ыр сабың...

Көк тиреп көркүң менен каратасың,
Кызык күн, келечекти саматасың.
Гүл шаарым, арзып келген балапанга, —
Сен уя, сен энесиң, сен атасың...

Достуктун шаары, гүл шаарым,
Доорумдай жарык түн шамың.
Эмгекке бизди чакырган,
Эрдиктин жолу ыр сабың...

Өзүңдө окуп, түнөп, араладым,
Өмүргө кубат алып сабаладым.
Бакытка сүрөп түрдүү улуттарды,
Бар болгон мээримиңди аябадың...

Күлгүн жаз шаарым, күн шаарым,
Күндүзбү деймин түн шамың.
Эрдикке бизди чакырган,
Эмгектин жолу — ыр сабың.

Бапестеп улам алыс сүрөп төргө,
Күч берип улан-кызың-түлөктөргө.
Тартуулап түбөлүк көрк, эмгек жазын,
Толкундуу күү ойноттуң жүрөктөргө...

Күлгүн жаз шаарым, гүл шаарым,
Күндүзбү деймин түн шамың.
Ак сүйүү ойноп койнуңда,
Ак эмгек, достук ыр сабың...

# ӨМҮРГӨ ДОС ЫРЫҢДЫ АЛАМ

Сенде өткөрүп балалык жылдарымды,
Байкабапмын тереңде сырларыңды.
Бакыт болуп жүз чайып күлмүң эткен,
Оо, Соң-Көл! Көрдүм күмүш бууларыңды.

Угулуп күү ыргагың күн-түн менен,
Өзүңдөн дайраң агып күрпүлдөгөн.
Учуруп ой жебесин алыстарга,
Ойготтуң сезим черин күлкүң менен.

Байкасам, сени ак булут сүйүп беттен,
Толкунуң марттык, мээрим, күүсүн черткен.
Бал татып аккан дайраң — уулуң үчүн, —
Эмчегиң ээ-жаа бербей ийип кеткен.

Жериме кубат берип кан тамырдай,
Күрп эткен адатың бар аңтарылмай.
Ириминң түрмөк жасап, кээ бир кезде,
Айланат жердин тегиз алкагындай.

Аймагың көктөм кезде болуп жаңы,
Түркүн түс килемдерге толуп жаңы.
Кээде сен сыдырымга мөлт-мөлт этип,
Жээгиңде кыздын сайма жоолуктары.

Асмандан атып түшүп шаркыратман,
Аска ичин сүткө бөлөп жаркыраткан.
Жуунуп, бермет терге арча-кайың,—
Мөлт эткен шүүндүрүмүн тамчылаткан.

Дос болуп, долуланган Нарыныма,
Соң-Көлдүн күн уялган жарыгына,
«Ак алтын» айылына күлүп бардың.
Ала-Тоо күүсүн коштоп арымыңа.

Соң Көл суу, ага бергин сулууланып,
Сезимде сен жөнүндө сүйүү калып.
Жүрөгүм атыңды угуп эрип барат,
Өзүңдүн өмүргө дос ырымды алып.

## САБАК ҚЫЛАТ

Тектир таштар — кыздар жыйган сандыгын,
Ачсаң мына, жибек, шайы алгынын.
Табийгат да элестетип жатпайбы,
Тагдыр бизге тартуу кылса бардыгын.

Ай, Соң-Көлүм, адыр, түзүң, жондоруң,
Тарта салып узун чыйыр жолдорун:
Сабак кылат — ушул жашыл тоолордо,
Ата-бабам далай көчүп, конгонун...

## ҚАЛМАҚ-АШУУ

Көл-шал кылып ак боз буудан терлерин,
Тар кыяңды таптап далай келгемин.
Жар-Ташыңдан кээде учуп кетчүдөй,
Көрө албадым канаттуу куш келгенин.
    Қалмак ашуу, Қалмак ашуу,
    Эшик түрсө жайлоо жазы.
Неге эрибейт, кышта таккан айнегиң?!

Көрдүң далай жамгыр мончок төккөнүн,
Көрдүң мына көпөлөк гүл өпкөнүн.
Сездиң бекен, сенде чыгып жол ыры,
Жети кабат жер мээсине жеткенин?!
    Қалмак ашуу, Қалмак ашуу,
    Таштарыңда калган жазуу —
Баян кылат өмүр жолун, өткөнүн...

Төксө дагы жай чилдеси кабаарын,
Урса дагы буюктурган шамалың.
Бирок сенден күч-кайраттуу миң эсе,
Баатыр малчы жаркылдаткан кабагын.
    Қалмак ашуу, Қалмак ашуу,
    Аскаларың арстан азуу.
Алыс кетип, сенин жомок-кабарың.

Көрөм күндө, тоолор нурдуу, талаа шаң,
Төрүң ырыс, төрт түлүктөн адашам.
Гүлдөр таккан төшүң менен зымырап,
Туу чокуңда күлүк минип баратам.
              Калмак ашуу, Калмак ашуу,
              Сенсиң мага өмүр жазы.
Сага чыгып Соң-Көлүмдү карасам...

## ТИЛЕЙМИН ЭРДИК ӨМҮРҮҢ

Уулуңмун намыс, эрки бек,
Жылдызга колум серпилет.
Койнуңда жүрсөм Ала-Тоо,
Комуздун күүсү чертилет.

Сууларың ташса көбүрүп,
Сулуулук андан төгүлүп,
Байлыкка чексиз батамын,
Бакытым андан көрүнүп...

Сезимим сага байланып,
Сен барда Күнүм, Ай жарык.
Ак сүтүң эңсейм Ала-Тоо,
Ак шумкар болуп айланып.

Бийикке чыксам мен бүгүн,
Сен ээси бийик мөңгүнүн.
Тирегим, туурум — Ала-Тоо,
Тилеймин эрдик өмүрүң.

# ЖҮРӨКТӨ ӨЧПӨС ГҮЛДӨРҮҢ

Кулун, тайы элирип,
Түздө жашыл жарашкан.
Жал куйругу төгүлүп,
Үрксө адамды караткан.

Кайсы үйүнө түшпөгүн,
Кымыз жыты бур этет.
Кыргый мүчө кыз, келин,
Сүйүү төгүп, сүрдөтөт.

Жылга сайын ыр чыгып,
Жылкы желе керилген.
Бээ эмчеги тырсыйып,
Агат сүтү желинден.

Ар малчыда намыстуу,
Эрдик кыял кайдагы.
Мени дагы алыскы
Ыр көлүнө айдады.

Энем сымал сыйлаган,
Эсте жаркын күндөрүң,
Ай, Соң-Көлүм, кыйбаган,
Жүрөктө өчпөс гүлдөрүң.

# АРЧАЛАР

Кышта кар, кең талаада кебез жаткан,
Асфальт жол алыстарга сызык тарткан.
Арчалар — жээктеги жашыл сайма,
Сакчыдай сезим тарткан, ойго баткан.

Күн тийсе таңдар атып, чөмүп терге,
Баш чулгайт шүүдүрүмүн төгүп жерге.
Арчалар — азем бүткөн мончок тагып,
Адамга жаштык берген өнүп жерде.

Жапжашыл жүзүн көрүп кыярбаган,
Батасың барчын канат кыялга анан.
Айтасың: «өмүр өчпөс болсочу деп,
Арчадай жаш эсебин чыгарбаган»...

Ансайын айланасы ырга батып,
Бой түзөп, сулууланып, сынга батып
Арчалар — аязда да жыпар төгүп,
Жасанат, жагалданат нурга батып.

Жеримдин сулуулугун сүйүп көптөн,
Жылмайткан, сумсаюуну сүрүп беттен.
Арчалар — жашыл жибек шуудураган,
Тамыры таштарга да сүңгүп кеткен.

# КАРА ТОО ЖӨНҮНДӨ

Кочкор токой, маңдайыңда Кара-Тоо,
Жүрөк өңдүү, тирек өңдүү сага тоо.
Сузуп алсам алтын менен күмүшүң,
Ай, Кара-Тоо, бул өмүргө даба тоо.

Бир кездерде мотор үнүн безеген,
Кездер келет геолог балка кезеген.
Кездер келет, күткүн аны, Кара-Тоо,
Түпкүрүңдү миң бургулап көзөгөн.

# МИЛИЦИЯ ЖӨНҮНДӨ ОДА

Эгин бышып, жемиш толсо талаама,
Эл байлыгын сактап жүрөк — санааӊа.
Жомоктордой тереӊ акыл, күч берип,
Жологон жок жегич кытмыр арага.

Кайырма: Ардагы, сыйы өз доору,
Ак ниет сырды козгоору.
Милдети көп, жакшы үмүт,
Милиция элдин достору!

Кастык кылып, миӊ түшүрүп дүрбөлөӊ,
Мастык кылып бирөөгө орой сүйлөгөн.
О, милициям, өз колуӊдан түзөлүп,
Турмушунда туура канат күүлөгөн.

Кайырма:

Бирдигиӊ бек, болот болуп ынтымак,
Алдыӊарда айкын максат — Күн турат.
Адам үчүн алп иш жасап күн-түнү,
Ар дайым жаш элиӊ, жериӊ — гүл турак.

Кайырма:

# КОЧКОР ТОКОЮ

Мына менин — гүл токоюм, жашылым,
Мына менин — тоодой жыйган азыгым.
Деген өңдүү күүлөр ойноп жүрөктө,
Тууган жердин туям чексиз асылын.

Ай, Караго, ар бир талың дарагың,
Асемденип, ачып сырын, барагын.
Бала кезде балапан кууп ойногон,
Шуудур эткен камыштарың карадым.

Ал камышта оттон бүткөн кыялым,
Бутактарда тентек мүнөз курагым.
Кыргоол кылт деп учса бийик дирилдеп,
Гүл жаштыкты канатынан туямын.

Сайран курган куштар үнү көп болуп,
Сен салындың жайда жашыл, көк жоолук.
Агын суулар ар тарабың аралап,
Ырлар угам, өмүр жашоо, ден соолук...

Ыракатка бөлөп адам баласын,
Жытың аңкып жыргал күүсүн чаласың.
Сүйкүм токой, жашыл токой, түнт токой,
Мен улгайып, сен жашарып барасың...

# МАГА БЕРЧИ

Жер эне, мага берчи кайрат, жүгүң,
Сен окшоп түйшүк тартсам кызык белем.
Сен окшоп кыйындыкка чыдап бүгүн,
Тоо кесип, деңиз жиреп, сызып келем.

Жүрөгүм, мага берчи өчпөс өмүр,
Улайын жакшылыктын үмүттөрүн.
Чабытта ыр канаты — учкул көңүл,
Чабайын пегас сындуу күлүктөрүм.

Мезгилим мага берчи баатырдыгың,
Кармайын бийиктерде байрагымды.
Жайнатып түпкүрлөргө бакыт нурун,
Көрөйүн чагылгандай жанганымды.

Тагдырым, мага берчи марттык көлүн,
Өрт чөлдө өссүн мөмө дарактарым!
Адамдар ардак кылып максат төрүн,
Көрүнсүн Күндү минип баратканым.

Жер Эне, мага берчи эмгек жүгүң,
Сен окшоп жемиш төгүү ыйык белем.
Сен окшоп бардыгына чыдап бүгүн,
Эмгекте ырахатка тунуп келем.

# ТЫНЧТЫК КҮН — СЕНИН БАКТЫҢ, МЕНИН БАКТЫМ





# 1945-ЖЫЛДЫН ЖАЗ АЙЫНА

Жылуу жүз жылдыз болуп агып келдиң,
Жериме сулуулугуң тагып келдиң.
Сүйкүм жаз! Ырын ырдап жеңиш жылдын,
Дүйнөгө улуулугуң алып келдиң.

Ар кимдин сезиминде уюп бекем,
Жүрөктө! Толкун күүң унут бекен!?
Жактырган минуттарың, секунддарың,
Жайдары ыракатка тунуп Мекен.

Сен менен сайран куруп булбул дагы,
Бакыт, ыр, түгөнбөгөн — курбумдагы.
Жигер күч миң эселеп артып турду,
Керемет илеп чачып күн нур дагы.

Ал нурда акылмандын ойлору бар,
Баатырдын балбан билек колдору бар.
Таалайын ташкындатып планеттин,
Тамшантып тагдыр чечкен жолдору бар.

Кубанып көл береке бал даамыңа,
Кубанып тууну бийик алганыңа.
Жайдары нуска күтүп кумарланып,
Чөмүлдүм сенин шаттык майрамыңа.

Ал майрам — тынчтык ыры түгөнбөгөн,
Ак кептер... асман ачык түнөрбөгөн.
Күрөштө жеңип алган бакыт, намыс,
Күн көздөп максат чегин жүгөндөгөн.

Сапары тоодой байлык, толкун деңиз,
Өч алып өрт күндөрдө келген жеңиш.
Аралап кылымдардын кыйрын түпсүз,
Акжолтой ар кадамың толгон жемиш.

Уйкусун бузбай Жердин, жеткинчектин,
Дүйнөгө достук деген үрөн септиң.
Ал үрөн өлбөс жаздай көктөм таштап,
Жар салып тынчтык туусун желбиреттиң.

# ҚАРА ЖЫЛАН ЖОЛОБОСУН

Талаада жалгыз дарак, жашыл дарак,
Шуудурайт керимселге чачын тарап.
Сөйкөнүп өтсө тоонун тентек жели,
Дирилдейт жалбырактар болуп канат.

Сага мен сыр бөлүшүп айтарым бар,
Казыктан[1] өсүп чыктың — кан тамыр ал.
Эми сен көркүң төгүп көңүл менен,
Жаш кездин мээнеттерин кайтарып ал.

Төрт мезгил: жай, күз, кышың жана жазың,
Талаага кароолчудай каранасың.
Ысыкта ыракатың көрүп жатат,
Алп билек дыйкан аттуу санаалашың.

Көркүң көп жайда кымкап ороносуң,
Көтөрүп көп куштардын зоболосун.
Суу байлар кулакта өскөн жашыл дарак,
Уялап бутагыңа чабалекей.
Түбүңө кара жылан жолобосун!

---

[1] Колхоз дыйкандары кулак байлап жер сугарганда өсүп чыккан дарак.

# СОЛДАТ ЖАРЫНЫН ЫРЫ

Сагынба жаным, сагынба,
Сен бүгүн солдат сабында.
Медериң журтуң, бакытың, —
Мекендин болгун камында.

Узатып сени курбалым,
Ууздай тилек, сырларым.
Кыяк күү, комуз таңшыган,
Карачы тоонун ырларын...

Анда бар сүйүү өчпөгөн,
Анда бар өмүр көктөгөн.
Сырдуу иш айтса Мекениң,
Сыза көр, жаным, көк менен!

Жалындар менен ойногон,
Жаштыкка эзел тойбогон.
Мекендин шери болсо деп,
Мен дагы сени ойлоном.

Билемин, жоокер жүгүңдү,
Унутпа сен да гүлүңдү.
Күжүлдөп иштеп эмгекте,
Күтөмүн келер күнүңдү...

## ӨМҮР ЖАЗДАРЫ

Көбөйүп ак эмгектин тамчы балы,
Көбөйүп жаздын жыты, жаздын шаңы.
Жашартып жер тамырын, бүркүп буусун,
Төгүлсүн шүүдүрүм жаш тамчылары.

А, бирок төгүлбөсүн заманымда,
Түнөртүп кыз-келиндин аккан жашы.
Ар дайым Ай нуру ойноп кабагында, —
Ар дайым тунук болсун ак таң, жазы!.,

# ЖҮРӨКТӨ

Фашист жерди бомбалады, күйдү жашыл терегим,
Уулун жоктоп, купкуу тартты, кундуз чачы энемин.
Бал сүйүүсү, канбай калды, бакыт жаштык кезинде,
Арман оту алоолонуп, аппак жүздүү жеңемин...

Согуш деген отту кечип, ойноо курак балалык,
Такым жооруп, чийне тарттык, батыш жакта кан
агып.
Суу сугарып, соко айдап, барскан чапты, мал бакты,
А жеңемдер тылда, мында алп кайраттар жаралып.

Жоолук чечип, шинел кийди, кыраан кызы элимдин,
(Ошондогу эрдик күчтүн кантип билди чегин ким?!)
Ажал болуп, атылды бейм, арсыз канкор фашистке—
Тылда иш күчөп, алтын болуп ар тамчысы
теримдин...

Майтарган жок элибизди, акыр фашист кыйрады,
Бирок, атам кайтып келбей, жүрөк сыздап ыйлады.
Ошентсе да, жеңиш күүгө, адилеттик эрдикке, —
Ошондо бир бүт ааламдын кенен койну сыйбады...

Адам билди, аалам билди, согуш эмне экенин,
Бейкут күндө турса дешет жыпар төккөн мекеним.
Кыргызымдын Ала-Тоосу, асманы да, суусу да,
Айтат бүгүн: «Тынчтык менен самаганга жетемин!»

Бакыт таңдуу, күүсү шаңдуу, тынчтык деген тирек бар,
Билет аны бүткүл дүйнө, билет достор, билет жар.
Тынчтык, достук ширелишип, күн оттору балбылдап,
Кан тамырга, бүткүл жерге, кубат берчү жүрөк бар.

Ал жүрөктө — азат, турмуш, эрдик, эмгек ырлары,
Ал жүрөктө жаздын сулуу жашыл дүйнө нурлары.
Ал жүрөктө атом атын, фашист атын өчүргөн,
Керемет күч, керемет сыр адамзаттын жыргалы...

## БАСАР ЖОЛУМ ЖӨНҮНДӨ

Өмүрдө-өрүш жол бар, кыя жол бар,
Бийикке максаттарга бара турган.
Туюктан таба билсең туура жол бар,
Буйдалбай мара чегин ала турган.

Барайын жеңил эмес, катаалына,
Ук, мекен, өмүр жолдо сыналайын.
Жайнап гүл жашыл тартып жашарыңа,
Тереңден сузуп мүрөк суу алайын.

Кайгы бар, бакыт да бар балбылдаган,
Жарыгын ал бакыттын жайнатайын.
Багынтып кыйындыкты ар кыл дабан, —
Туу белде, торгой үнүн сайратайын.

Бул менин өтөр жолум, басар жолум,
Бул менин кыл чокуну ашар жолум.
Бул менин Ата Журтка берген антым, —
Миң туулуп, миң кайталап жашар жолум...

# ТЫНЧТЫК ДЕСЕМ

Күүлөрүн тынчтык күндүн тыңшай калсам,
Чексиз жол бир бирине уланышып.
Ак мөңгү ай талаада үн алышып,
Ар күндүн минуттарын кымбат сезем.
Тынчтык десем,
Көлкүлдөйм эмгек терин миң агызып.

Ырларын бейкут күндүн уга калсам,
Көкөлөп катар үйдүн дубалдары.
Гүл бакта куштар үнүн угам дагы,
Суктанып өмүрдөгү жашоо күнгө,
Бейкут күнгө,
Тээ бийик жылдыздарга чыгам нары!

Толкунун бакыт күндүн сезе калсам,
Жакындап элдин жеңиш максаттары.
Өзгөрүш өмүр изин бассак жаңы,
Кыз, жигит минип жетик канатына.
Адаты да,
Жол салмак. Ай, Жылдыздын арасына.

Тынчтык күн, сенин мээрим илебиңе,
Жылындым, үмүтүм көп актайм деген.

А демек чырпыгың да сактай берем,
Куулөрүң, ырың өмүр жарашыгы, —
Жан азыгы,
Сен менен түбөлүккө шактай берем!

Куулөрүн тынчтык күндүн тыңшай калсам,
Чексиз жол бир бирине уланышып.
Ак мөңгү ай талаада үн алышып,
Ар күндүн минуттарын кымбат сезем.
Тынчтык десем,
Көлкүлдөйм эмгек терин миң агызып.

# МӨМӨ ТӨКТҮҢ ДАРАГЫМА

*(Согуштан кайтпай калган агам
Жакым Рысдөөлөтовдун эстелигине)*

I

Ак кайың, аппак чынар, бермет талдын,
Арасын тирүү кездей жердеп калдың.
Өлсөң да, өнүп чыгып, бейкут күндө,
Бешигин тирүүлөрдүн термеп калдың...

II

Сыймыктан, жоокер агам ошонуңа,
Ишенгин, дооруң ырга кошоруна.
Ишенгин, элестериң кайталанып,
Таалайлуу таңдар күлүп тосоруна...

III

Айлыңдан алыс кетип кайрылбадың,
Көрбөдүң бир бооруңдун кайгырганын.
Бирок да Күн нур чачып эрдигиңден,
Түбөлүк бакыт таңдан айрылбадым.

Кез болсо жүрөк такап жарагына,
Көнбөдүң зордукчунун талабына.
Өлсөң да өнүп чыгып бейкут күндө,
Кыпкызыл мөмө төктүң дарагыма...

Майданда сен көтөрдүң тоону дагы,
Эл унутпайт, эл мактайт боорум аны.
Уютуп таштан бүткөн жеңиш чебин,
Уладың максат күткөн жолум ары...

## IV

Болсун деп аба таза адамдарга,
Бак тилеп, эртеңки өмүр замандарга.
Жалындарда кыйылган кырчын өмүр,
Жалының бар бүгүнкү кадамдарда...

Жетсин деп жеткинчектер тилектерге,
Жеңиш! деп бүткүл боюң ширеп терге.
Кыйын күндө кыйылган көктөм өмүр,
Кылым мактар сырың бар жүрөктөрдө.

## V

Ак кайың, аппак чынар, бермет талдын,
Арасын тирүү кездей жердеп калдың.
Бастырбай жоо бутуна сүйгөн жериң,
Бешигин тирүүлөрдүн термеп калдың...

## ЧЕК АРАЧЫ

*(Хор)*

Көргөндө бөбөктөрдүн шат кабагын,
Көрөбүз мекенди бек сактаганың.
Сыймыктан, чек арачы, сенин демиң,
Таш, чөлдө гүл жайнатса бак-дарагым...

Асманда калкып ай барат,
Ак булут бетин саймалап.
Чекте бек жашыл шапкечен,
Тынчтыкка көөнү байланат,
Уйку жок, сергек, сак турат
Учса да үкү, жарганат.

Застава... бейкут күтүп мемиреген,
Чеп бекем, чек арачы деми белем!
Уйкуда түшкө арбалып жаткан сулуу,
Жаркылдап басат билсең сени менен.

Асманда калкып ай барат,
Ак булут шилтеп жай канат.
Чекте бек жашыл шапкечен,
Тынчтыкка көөнү байланат.
Көз ирмебей сак турат
Учса да үкү, жарганат.

Ар дайым бейкут атып кызыл таңым,
Актай бил, ата журттун тузун — даамын.
Ишке ашып ак тилектер, ак үмүттөр,
Өрт өчсүн — өлүм эңсээр кызыл жалын.

Асманда калкып ай барат,
Ак булут бетин саймалап.
Чекте бек жашыл шапкечен,
Тынчтыкка көөнү байланат.
Уйку жок, дайым сак турат
Учса да үкү, жарганат.

# БАКТЫМ УШУЛ

Бийиктерде сызып бүркүт,
кайып булут үстүнөн.
Көрөт тоону, алыстыкты
көргөн өңдүү күзгүдөн.
Балапанын таптап алыс
бийиктикке үйрөтсө
Күч кошконсуйт жерде жайнап
жемиш төккөн күзгү дем...

Бийиктикти эңсейт дарак
бийиктерге шашылат.
Бүр жайнатып, гүл жайнатып
кумар чери жазылат.
Шуудурашып комуз чертип
бийик жерде ыргалып,
Жалбырактар дир-дир этип
ак шоолага жашынат.

Бийик учат ракет дагы
бийиктерде жаңырат,
Кең ааламга тынчтык тилеп
Жылдыз болуп агылат.
Мекен ыры, эмгек күүсү

улам бийик үн салып
Меридиана чексиз тартып,
мейкиндиктер багынат.

Жашылданып өр талашып
өмүр үрөн — улуу дан.
Менин дагы жүрөгүмө
бийиктиктер уюган.
Эмгек менен күнү гүлдөп,
эмгек менен дем алып,
Бактым ушул — жашап жерде,
бирок, бийик туюлам!

# ҚЫЯЛГА БАТЫП

Қокус жүрөк ал-күчүнөн танганда,
Қыз, жигитти эзел кылбай арманда
Бар тилегин, куш канатын бергим бар,
Керек десе Жылдыз кармап алганга...

Ата журтта чоктой ысык күндөрдө,
Айланып мен ак жамгырлуу түндөргө.
Артык бүткөн жаз элесин бергим бар,
Ажайып бир коолдук чачып гүлдөргө.

Түбөлүктүү Күн да жарык, Ай жарык,
Жүрөк каным тынчтык күүгө байланып.
Бирдик, достук желектерин таккым бар,
Жер шарында шумкар болуп айланып...

# ЖАРАТАЙЫН ЖАЗ ЭЛЕС

Баркын билбей жаштык өмүр-күлүктүн,
Барбалактап эт-челинде жүрүпмүн.
Аттиң арман! Аска ташты жарсам не
Күкүмүнөн
        Алтын алып,
                Нур алып,
Жер байлыктын сырын ачып билип миң...

Баам кылбай алмаз курчтук мезгилин,
Барак ачып өттү, кетти тез күнүм.
Эт оорубас жеңил кылып салмагын
        Өз ордуна
                Таштап кеткен экенмин,
Кайран жаштык канатымдын көп жүгүн.

Эми сезип өкүнүчтүн күүлөрүн,
Тээ алыска канатымды күүлөдүм.
Бирок чиркин! Тентек суудай жаштыктын
        Толкун күчүн
                Сермеп бийик тоолорго
Мезгилинде неге баркын билбедим?!

Эгер калса нур жаштыктан аз элес,
Эми деле, өмүр жолум аз эмес.
Улуу күрөш, улуу сыноо жарышта
Бекем туруп темирден бек намыска
        Жалын берген,
            Курчтук берген заманда, —
            Жаштык алып жаратайын жаз
                        элес.

## КҮТҮҮ ВАЛЬСЫ

Суу күкүктөп өзөндөрдө, сайымда,
Мончок элеп, жамгыр төккөн маалында.
Күттүм сени күндөй күлгөн ардагым,
«Күтүү вальсы» ойноп жүрөк канымда...

Жемиш жыты бур деп мөмө шагынан,
Күттүм сени гүлдүү бактын жанынан.
Унуттуңбу, бир келбедиң жарыгым,
Күтүү деген кыйын болуп баарынан?!

Буудай өсүп мурут таккан кезинде,
Күттүм сени, күткөн күндөр эсимде.
Бир жарк этип келдиң акыр айланып,
Түгөнбөгөн ыр, күү таштап сезимге.

Ошол ырда жүрөк сырың, наздыгың,
Ошол күүдө жайнап кайра жаз нуруң.
Күткөн кездер Ала-Тоодо ырдалып,
Кайталансын кайра келбес жаштыгым.

# АК КАЙЫҢДАР

Күүсүн термеп сансыз кыял канаттын,
Неге мынча көркүң менен караттың?
Ак кайыңдар — ак сүйүүлөр, өмүрлөр,
Бутак байлап бийиктикти саматтың!
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Сүттөн бүткөн жалындар!

Жер керемет сени ардактап төрөгөн,
Бирок карзын миң эселеп төлөгөн.
Ак кайыңдар — азем көрктүү сулуулар.
Жүрөк кылын толкун күүгө бөлөгөн.
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Сулуу жигит, айымдар!..

Тамыр жайып жашыл дүйнө көздөгөн,
Жаркындыгын айтуу кыйын сөз менен.
Ак кайыңдар — гүл тагынган жаштыктар,
Элестериң көз каректен өчпөгөн...
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Өрттөн бүткөн жалындар!

# ИЗДЕР

Жылдыздай жанып изи аталардын,
Кумдарга сиңип кетпей жаркыраган.
Туу тутуп эрик жолун көздөп алыс,
Тулпарлар желдей сызып аркыраган.

Сооротуп көңүлдөрүн болбос ишке,
Бийик ой максатынан тайыбаган.
Эчен бел, эчен тоолор өмүр изде,
Жаз болуп, жаңыланып карыбаган.

Сүйүү бар ошол баскан издеринде,
Күйүү бар арман оту алоолонгон.
Миң кайрык күүлөр ойноп ичтеринде,
Ак куулар айдың көлгө толо конгон.

Жашоодо жүрөк согуп, барда күчүм,
Аталар, ойгон, бүгүн кубантайын.
Эрк үчүн, эмгек үчүн, эрдик үчүн,
Из салган күрөштөрүң улантайын...

Сапарлар чыйыр таштап аскаларга,
Туюктан туура жолду салып өткөн.
Ал жолдор өмүр болуп башкаларга,
Түн тепсеп күн сызыгын алып өткөн.

# ӨРТ ӨЧҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЫРЫ

*(Хор)*

Өз ишке өмүрдөн чоң сүйүү артат,
Баарыбыз бир формачан темир калпак.
Зуу этсе машинебиз кызыл түстө,
Бакыттын ырын тартат, жүгүн тартат.

Кайырма: Бир, эки, үч заматта,
Биз минип канатка,
Өрт чыкса өчүрүп,
Сактап көп байлыкты,
Күн ойнойт кабакта.

Кармашсак жалын менен, өлүм менен,
Күү чалып көз алдыда өмүр деген.
Аралап алоолонгон кызыл отту,
Көңүлдөн деңиз кайрат төгүлбөгөн.

Кайырма: Бир, эки, үч заматта,
Биз минип канатка,
Өрт чыкса өчүрүп,
Сактап көп байлыкты,
Күн ойнойт кабакта.

Диркиреп суу атылса өрттү көзөп,
Бороондой кырсык кетип, кырсык өчөт.
Шамдагай, коркпос өмүр, тездик күтүп,
Өз ишин өрт өчүргүч ыйык сезет.

Кайырма: Бир, эки, үч заматта,
Биз минип канатка,
Өрт чыкса өчүрүп,
Сактап көп байлыкты,
Күн ойнойт кабакта.

## ҚАЙРЫЛЧЫ БИР

*(Обон үчүн)*

Қайратка бек кайталангыс жылдарым,
Өзүң болуп өлбөс жакын ырларым.
Төш таянып төргө бийик баратып,
Неге мынча сапарыңды кыйбадың?

Ташкыны күчөп акты суу.
Тамшантып өмүр бактысы.
Жайнады жаштык канатым.
Жаркылдап учуп ак кушу.

Өткүр кылып ташка мизин кайраган,
Баскан изден көрк жылдызы жайнаган.
Қаректерге сүрөт болуп тартылып,
Қайран жаштык, кайрылчы бир кайрадан!

Ташкыны күчөп акты суу,
Тамшантып өмүр бактысы.
Жайнады жаштык канатым,
Жаркылдап учуп ак кушу.

# БАКЫТ БЕЛЕҢ

Бал өмүр бала кезден сырын билген,
Ак шоолам, ак таңдарым, күнүм күлгөн.
Таалайлуу тагдырыма сен туш болуп,
Дүйнөдө сени тандап, сени сүйгөм.

Өзүңдү эстей калсам жүрөк ысып,
Бир тынбай жер, асманда жүрөм сызып.
Тосуп ал толкун болуп, деңиз болуп,
Өмүрдө жаштык кездер кандай кызык!

Сүйүктүүм, кымбат өмүр кыйбас жаным,
Эсимде, эмгек жолун сырдашканың.
Ак кептер кайып учуп эбелектеп,
Эсимде, кайың бакта бир басканым...

Эх, чиркин сырттын жели сылап беттен,
Жашырбай жан курбуңа сырын төккөн.
Бир келген касиет белең, бакыт белең,
Кылактап кырда ойногон жаштык-көктөм.

## ҚАРЫНДАШЫМА

Сыйласаң өтүңүз деп күлүп төргө,
Чалкычу агаң тилек, үмүттөргө.
Сени эстеп бакыт күтөр балапаным,
Серпилген канаттарым бийиктерге.

Үнүңдү уккан сайын агалаган,
Жакынсып жылдыз төрүн аралагам.
Қыялың, күлкүң — баары эске келет,
Бир кезде бир уяны пааналаган.

«Ардагым, ата ордуна кармаганым,
Аскар-тоом жерде күндөй жайнаганым»...
Деп келсең, мээрим төгүп, ичим ысып,
Чынында мен да сага арбаламын.

Булбул куш таң гүлүндө турган конуп,
Зып этет көз алдымда көп жыл болуп.
Қээде сен көрүнчү элең көпөлөгүм,
Қырдагы кызыл гүл же ак гүл болуп.

Қелиптир максат, оюң самаганың,
Қыйры кең турмуш койнун аралагын.
Сыймыгым ташып бүгүн кубаныч сезем,
Сый көрүп уялыңкы караганың.

Карегим, бул турмуштун ойноок сели,
Серпилип урбаса деп ойлоп сени.
Кээде мен убайымга түшө калам, —
Байралып балапандай коргоп сени.

Турмушка бирге келген сен бир жазым,
Ал жазды кимдер гана сагынбасын...
Алыста аман жүргүн, унутпаймын,
Ардагым, тилектешим, карындашым...

# ЭСТЕЛИК СЫРЫ

Жашыл парк, көрдүм андан эстеликти,
Ал айтат: «элим мени эскериппи...
Үмүттүү далай жылдар күткөн энем,
Так ушул эстеликтен кез келиппи?!
Эмесе акын ырда, черткин комуз,
Көз жашы энекемдин таш эритти!»...

Түбөлүк жер кучактап жаткан солдат,
Ал тирүү, элине ардак, жерине ардак.
Эмендей бекем турган Мекен коргоп,
Журтуна тынчтык берип, жыланды айдап.
Азыр да кызыл ташта күйүп турат,
От болуп оболорго нуру жайнап...

Тик карап солдат уулун, жөлөп башын,
Энеси мөлт эттирип төгөт жашын.
Кечээ элс жайнап турган жалын жигит,
Көрбөдү сүйгөн жарын, сүйгөн жазын.
«...Алдыңа ак сүт берген апаң келди,
Кана, эми, тургун, солдат, тургун бачым!..»

А бирок айлана тынч, өскөн дарак
Асмандайт, ак булуттар көктөн карап.

«Энеке тынчтык үчүн бердим өмүр,
Турсун деп шарт ачылып тынчтык барак.

Көз жаш тый, көтөр башты, айткын мени,
Тирүүнүн тирүүсү! — деп, көз от кадап!...

Чоң сырдын ачылгансып түймөлөрү,
Эстелик андан ары сүйлөбөдү...
Гүл коюп солдат уулга мээрим эне,
Тынчтыкта бак аралап үндөбөдү...
Шол кезде парк ичинен жаңырган ыр,
Жоокердин сактап калган байлыгындай,
Сезилди чын бакыт күн дүйнөдөгү...

# КӨП БОЛСУНЧУ

Ай, кайыңдар сүйлөшөйүн сен менен,
Саян кылып сага кимдер келбеген.
Уктуң далай жаш баланын күлкүсүн,
Улуу мекен бешик жасап термеген.

Ыргап боюң, жибек желге саамайың,
Жайнап кабак жарык болду паанайың.
Күлүңдөдүң аппак жүзүң нурданып,
Гүлүн төгүп менин сүйүү таалайым.

Символ кылып, сени дайым бекем деп,
Турмушумдун туусун бийик бекемдеп.
Досторум көп, атын айтып жүрөмүн,
Ак кайыңдай ак сүт көңүл экен деп.

Шаан--шөкөт эмгек болуп айланаң,
Сенде туруп сүйүүлөргө канбаган.
Көп болсунчу бул турмуштун жаштары,
Билекте күч, жүрөктө дем кайнаган!...

# КӨҢҮЛДҮН АКТЫ СЫРЛАРЫ

*(Классташ кыздарга)*

Кыздар ай, кыздар парталаш, —
Кызгалдак өмүр кырдагы.
Көңүлдө гүлдөп, кайта жаз,
Көңүлдүн акты сырлары.

Ар намыс күтүп мекендин,
Ар милдет, ыйык ишинде.
Ободо аткан таң нуру,
Ойноду бекен жүзүңдө?!

Кыздар ай, кыздар кылыктуу,
Назиктик менен ширелген.
Өмүргө болуп уютку,
Өмүргө тоодой тирелген.

Каткырып күлгөн кезиңде,
Кабагың күндөй жазылып.
Ак сүттөй сүйүүң сезимде,
Астра гүлдөй ачылып.

Кыздар ай, кыздар — жаз күнүм!
Өмүрдүн берип көктөмүн.
Сездиңби жыпар жаз гүлүн,
Жамгырлар далай төккөнүн.

Ак гүлдөр — сулуу кыздар ай,
Ачылып жылдыз элесиң.
Кышы, жай, эзел муздабай,
Махабат отун төгөсүң.

Кыздар ай, кыздар жайнаган,
Кызыл гүл болуп айылда.
Ак жарык болгон айланам,
Бир жүрсөм сенин жаныңда.

Бириңер илим мактанчы,
Жайнатып шакта мөмөсүн,
Бириңер малчы, ак данчы, —
Бириңер баатыр энесиң.

Бириңер врач өмүрдүн,
Билинбес жибин улаган.
Бириңер акын көңүлдүн,
Миң толгоп күүсүн бураган.

Кыздар ай, кыздар парталаш,
Кызгалдак өмүр кырдагы
Көңүлдө гүлдөп кайта жаз,
Көңүлдүн акты сырлары.

# ЧЫНАРЫМ

Сиңирип тоонун булагын,
Сүйкүмдүү кооз турагың.
Арнаган сага ырым көп,
Аппагым алтын чынарым.

Шуудурап бермет чачыгың,
Кайталайт көркөм жаз ырын.
Эсимден кетпейт ак чынар,
Элестүү өмүр азыгың.

Көйкөлүп бүчүр сабагың,
Көктө күн болуп жанамын.
Сүйүнтүп күлүп коёсуң,
Сүйүүдөн бүткөн дарагым.

Ташкындап мээрим илебиң,
Таалайым сен деп билемин.
Сүттөн ак денең нур чачса,
Сүттөн ак менин тилегим.

Сиңирип тоонун булагын,
Сүйкүм кооз жашыл турагың.
Арнаган сага ырым көп,
Аппагым алтын чынарым.

## ҮМҮТ ҮЗДҮМ ДЕБЕЧИ

Үмүттөр көп — али белди аша элек,
Үмүттөр көп — алтын кенин ача элек.
Үмүт — өмүр, үмүт — урпак кийинки,
Үмүттөр көп — алп кадамын баса элек.

Жашоолорго издер таштап арымдуу,
Балбылдатып бакыт берер жалынды.
Үмүт ишке ашып, өлбөс кылса дейм,
Жада калса өскөн чырпык талымды.

Жылдыз жайнап, сызып аккан булактан,
А дайрадан жаркылдаган күн аккан.
Үмүт дагы тоодой залкар күч менен,
Дүйнө эритер толкун күүсүн бураткан.

Үмүт-үмүт өмүрлөрдүн белеси,
Жүгү жердей таалай тарткан кемеси.
Канат жайып зуу-зуу эткен турмуштан,
Анда эмесе үмүттү үздүм дебечи.,.

## САГЫНДЫМ СЕНИ

Сени ойлоп сезим от болот,
Саргайып өчүп сабагым.
Сагыныч мени ноктолоп,
Сан күндөр жолуң карадым.

Чыгарбай сүйкүм элесиң,
Чыдадым далай күн күтүп.
Жүрөккө үрөн себесиң,
Жүрөгүм менен бир бүтүп.

Сен болуп суусун булагым,
Кымыздай толкуп көбүрөт.
Болсо да кенен турагым,
Өзүң жок тардай көрүнөт.

Сагыныч сырын курууга,
Мөңгү окшоп тоодон агылдым.
Көкүрөк толуп күү, ырга,
Сагындым сени, сагындым!

## ТУРАЙЫН КЫЙЫНДЫК ЖОЛУНДА

Дүрт этип бир жанып кайрадан,
Өчпөйүн эне жыт бооруңда.
Турмушта шакардай кайнаган,
Болоюн кыйындык жолунда.

Карааны каректе үзүлбөй,
Алыс жол, тер керек күлүккө,
Ооруңду колумдан түшүрбөй,
Ардактап коёюн бийикке.

Бул сырым — чын сырым жүрөктөн,
Тээ алыс канатым жазайын.
Мекеним мени алга сүрөткөн,
Кебелбес кениңди ачайын.

Энемдей мээримдүү бөпөлөп,
Күүлөрүм миң толгоп таштадың.
Көрк төгүп чынардай көкөлөп,
Болоюн жапжашыл жаздарың...

Дүрт этип бир жанып кайрадан,
Өчпөйүн, эне жыт бооруңда.
Турмушта бышыгып кайнаган,
Турайын кыйындык жолунда!

# ҚАЙДАСЫҢАР, ҚАРЛЫГАЧТАР

*(Музыкасы бар)*

Эстечи, жашыл өзөндө,
Кумдарга сиңген из кайда?
Бир баскан сулуу көчөмдө,
А силер кайда, биз кайда.
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!

Чырпыктай кезден жетилип,
Чынарга боюн теңешкен.
Күлүгүң суудан кечирип,
Көрүнчү кайра белестен?!
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!

Үмүттөр күйгөн шам болуп,
Уядан учкан түлөктөр.
Максаттар аткан таң болуп,
Толкундан бүткөн жүрөктөр.
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!
Кайдасыңар?!.

# ДОСТУК СЫРЛАРЫ





# БУУРУЛ ТҮНҮҢ ЭСТЕН КЕТПЕДИ

Буурул түндүн касиети ушулбу?
Күүгүмдөнөт, бирок, жарык айлана.
Көөдөй түндүн көшөгөсү көрүнбөйт,
Кана, досум, көктө сүзгөн Ай кана?!

Ленинград-Ленинград
Салкын болуп жайдын кечтери.
Сылап желиң кундуз чачымдан,
Буурул түнүң эстен кетпеди.

Нева жээги, мен сейилдеп бараткан,
Кайда кеткен жазда, кышта түндөрү?
Ильич ата жарык кылып жараткан,
Шоола чачып бульвар, паркы гүлдөрү...

Ленинград-Ленинград,
Бийик максат, бакыт мектеби.
Мээрим төгүп, жанга жагымдуу,
Буурул түнүң эстен кетпеди...

# ОКСАНА

Суу кечип, токой, тоону араладым,
Кез болдуң жүрөгүмдү жараладың.
Ташкындап достук сезим булактары,
Ак сүйүүң алып сенден сабаладым.

Ленинград — Фрунзе,
Алыс чыны арасы.
Жакын кылдың Оксана,
Жанып достук дабасы.

Болсо да өзүм сүйгөн өмүрлөшүм,
А бирок эстен кетпей көңүлдөсүң.
Сен десем эстеп сөзүң Оксана кыз,
Сезимден ырлар сымак төгүлөсүң.

Ленинград — Фрунзе,
Достук шаары түбөлүк.
Ай, Оксана, сен үчүн,
Жүрөгүмдө гүл өнүп.

Оксана, тагдыр сени тааныш кылган,
Мүнөзүң күү ташытып комуз кылдан.

Кара көз, өзүң черткен балалайка.
Жүрөккө кайталангыс добуш урган.

Ленинград — Фрунзе,
Алыс чыны арасы.
Жакын кылдың Оксана,
Жанып достук дабасы.

## ДОСТОРУМА

Досторум, билем оюң, ак көңүлүң,
Сагынсам силерди эстеп шат көңүлүм.
Тартуулап, бакыт жүгүн келер таңдар, —
Дайым жаз, келечек күн, таттуу өмүрүм.

Дайра суу, белестерден аттап улам,—
Силер деп бүчүрүмдөн шарт жарылам.
Силер маа бийик медер аска болуп,
Төгүлдү мөмө тою шактарымдан.

Уксаңар, жан сырымды дос — тирегим,
Ичер суум дайым бирге деп билемин.
Күчүм зор силер барда жер көтөрүп,
Күн көздөп, кош канатым, кош жүрөгүм.

Достук!.. деп сөздөр уксам жаш, карыдан,
Толкундап тоо суулардай аңтарылам.
Самаган тилектерим орундалып,
Сайраган куштар кетпейт бактарымдан.

Досторум, билем дилиң, ак көңүлүң,
Сагынсам силерди эстеп шат көңүлүм.
Тартуулап, бакыт жүгүн келер таңдар,—
Дайым жаз, келечек күн, таттуу өмүрүм!

# ПЕЙЛИМ ЖЫЛУУ УРУНСА...

Дүйүм тамак турса дагы бар, белен,
Кыргыз кээде оокат кылып чай менен.
Сүрүн сактап, мейман келсе урматтуу,—
Казан асып карбаластап тердеген...

Ойлоп улам келсе уят болоорун,
Өзү жебей этке кел дейт коногун.
Өзөк катып, өзү сызда жатса да,
Мамык төшөйт билсе үйгө конорун...

Араласам кыргыз айлын, элими,
Көлбүп жатат көлдөн терең пейили...
Кылымдарга кылган бийик даңаза,
Кыргыз айлы жоомарттыктын кениби?!

# А БИЗ БОЛСОК...

Сениби деп ичтен сызып кекенип...
Сениби деп урар ташын көтөрүп.
Жүргөндөр бар жүрөгүндө муз тоңуп,
Эл алдында анткор, эки жүз болуп.
Кой-кой досум ынагым,
Ылайланбай булагың,
А биз болсок азамат эр аталып,
Турмуш жолдон тунук, таза өтөлүк.

Аппак сүттөй, пейил көңүл тазарып,
Адил эмгек, гүлүң солбой жашарып.
Заман жаңы, биз да кайра жаралдык,
Өчсүн аты, өзүмчүлдүк, арамдык.
Доорум бай, жыргал кезимде
Достук от жанып сезимде.
А биз болсок абийир таап эмгектен,
Алды жакта чоң максатка шашалык...

# АЙТА БАРЫҢЫЗ...

Жашыл жайлоо... жалбыз чөптөр, бал кымыз,
Жатып мында жайлоо сырга кандыңыз.
Бах, чиркин ай! Бакыт кыргыз жери деп,
Бах, чиркин ай! Сыйчыл экен эли деп,
Ай, акын дос! Артык сүйүп калдыңыз...

Кырма аякка сунуп сизге бал кымыз,
Кыргыз салты-мейман тосуп алды кыз.
Алма жүздүү, эндик эрин ушу деп,
Таңдайымда таткан даам тузу деп,
Ай, акын дос! Алкыш айтып калдыңыз!

Кең дасторкон: толо дүйүм жер-жемиш,
Бакыт чачып, байлыгы арткан жергебиз.
Анда эмесе, айтарыбыз баарыбыз,
Пейлибиз ак, миңдеп күтөр мейманын,
Белен мына, беш бармактан алыңыз...
Сонун салтын,
          Ашкан мартын
               кыргыздын,
Ай, акын дос! Айылга айта барыңыз!

# АЛКЫШ АЙТАТ МИҢ ИРЕТ

*(Медсестрага)*

Эртели-кеч эрмегибиз ким билет,
Агам ырдап айкын сырын билдирет.
Сестра! деп, жардамына жалынып,
Чын жүрөктөн алкыш айтат миң ирет...

Угуп мен да ал агамдын обонун,
Улуу сырдай, терең ойдо боломун...
Сурап калсам кыскачалап мындай дейт,
Сестранын баатыр ишин — жомогун:

«...Согуш мезгил суусуз сайдын боюнда,
Ок жаңылып оң бутума, колума.
Жаткан кезде, тил кебeрсип жалдырап,
Жарат таңып, себеп болгон оорума.

...Койчу-койчу, кантип аны унутам,
Алып келген өмүрүмө сулуу таң.
Түбөлүктөй сезимиме, каныма,
Сиңип калган ошондогу лирикам...»

Эртели-кеч эрмегиби ким билет,
Агам ырдап айкын сырын билдирет.
Сестра!.. деп, жардамына жалынып,
Чын жүрөктөн алкыш айтат миң ирет...

# ТААЗИМ КЫЛАМ

Мына бүгүн күн тиреген чокудан,
Мен дүйнөгө көз от таштап олтурам.
Урмат кылып ата журтту, элимди,
Жеңиштерге бар сезимим толтурам!

Ал жеңиште ЛЕНИНДИН үндөрү,
Ал жеңиште эл эмгеги, дилдери.
Бийиктерде желбиреди желектер,
Бириктирип тынчтык деген дүйнөнү.

Эстеп көрчү, эл да жаңы, жер жаңы,
Эрдик менен ашкан далай бел жаңы,
Жаратылыш түсүн кайра кубултуп,
Биздер басар — өр да жаңы, төр жаңы.

Укчу курдаш гүлдөп жазы көңүлдүн,
Күнү бийик биз жашаган өмүрдүн.
Таалай чынар жашылданып баратат,
Топурагы алтын болуп жеримдин.

Кечээ минсек чайпалбаган жоргону,
Бүгүн ракет тизгин тартар колдогу.
Көл үстү да шаар болуп жаркырап,
Жылдызданат алыскы тоо жондору.

Кең талаалар дасторкондой жайылып,
Күн желеси антен болуп сайылып.
Мүрөк суусу ташып, толгон жемиштер,
Чарт-чурт этет чанагынан жарылып.

Табийгат күч тартуулады дебесе,
Мунун баары колдон бүткөн береке.
Тоо томкоруп, күн жараткан сүйкүм эл,
Таазим кылам талантыма эмесе!

## ДОСТУК БАРДА

Акын тилсиз, алтын кенин ачпас ыр,
Жүрөк сүйбөс арамзага айтпа сыр.
Достук менен күнүм жарык, табийгат,—
Жаз күнүндөй жыпар төгүп жапжашыл.

Чын бакыттар достукта эмей, кайда анан,
Адам анын алп кемесин айдаган.
Күчү мына — күнгө жетип көл толкун,
Күмүш жаап, алтын болгон айланам.

Көп керемет көрүп бүгүн көз менен,
Күлгүн жаштык күндөрдү эчен эскерем.
Достук барда, максат оюм бийиктеп,
Кучагымда Чолпон жылдыз өчпөгөн.

Актап дайым ата журттун намысын,
Мөңкүп агып, мөңгү дайра — намысым.
Достук барда жолум кенен, оюм — түз,
Жер жаңыртып, эмгек сүйгөн дабышым...

# ҚАЗАК ҚАЙРЫКТАРЫНАН

## ДОСУМА

Жашыл арча жытын төгүп, казак, кыргыз жерине,
Жалбырак да, шактан учуп, түшүп турса жериме.
Төрт түлүктөр бир жайлоодо,— күтүрөсө бир
жайлап;
Айтчы, курбум, ушул элес достук эмей эмине!

* * *

Эзелтеден кыргыз салты, казак салты жышааны:
Желе тартып, конушу бир, кыз беришип, кыз алуу.
Максат күтүп тоодон бийик, бакыт тилеп өмүргө,
Улуу күндө, эмгек менен улуу жерде узануу.

* * *

Астанаңды, билем курбум, АЛМА-АТАНЫН
түндөрү ай,
Кутман ойноп күндүзгүдөй, күлүп карап түндөгү Ай,
Эгиз окшоп Фрунземе эмгек шаңы жаңырып,
Кабат үйлөр, кооз сайма, жаз жаратып түргө бай.

* * *

ИЛЕ дайра толкуп жатса, тоо этегин жазданып,
Илебинен күн нур жанып күчү бийик таш жарып.

Коштоп аны, НАРЫН дайра, колтукташып
боорундай,
Күйгөн эчак, күндүзгүдөй, түбөлүк күн — ак
жарык...
БАЛКАШ бүгүн күн кучактап көк асмандай
мелтиреп,
Кылым мактаар, сезим жаттаар эмгек күүсү
чертилет.
Коштоп аны көк айнегим — көркөм, сулуу
ЫСЫК-КӨЛ
Куш канаттай толкундары тоо чокуга серпилет...

* * *

«...Саулем, саулем... Саулем...» деп сен ырдаган
кырдагы,
Кыз кыймылын четин туурап, көз алдымда
ыргагы.
Дирилдеди сезимимде, уюп калды элеси,
Чын достуктан, чын чечилген махабаттын сыр кабы.

* * *

ДОМБУРАНЫ коштоп КОМУЗ, күү деңизи
чайпалып,
Эт жүрөктөр эрип кетти, гүлдөр түркүн жайкалып.
Баратабыз бакыттарга-кең максатты төтөлөп,
Баатыр күндүн агымында, эмгек деген алпты
алып...

* * *

Жашыл арча жытын төгүп казак, кыргыз жерине,
Жалбырак да, шактан учуп, түшүп турса жериме.
Төрт түлүктөр, бир жайлоодо күтүрөсө бир жайлап,
Айтчы, курбум, ушул элес достук эмей эмине?!.

## «ЖАРКЕНТ» АРАШАНЫ

Капчыгай өйдөлөп баратат,
Асфальт жол аркандай чубалып.
Арча жыт адамды саматат,
Күрүлдөп суу агып!..

«Жаркент» деп атыңды жар салып,
Жакшына бир көрсөң аймагы.
Айыккан оору адам даң салып,
Албырып шамдары!..

«Жаркентте» тамчы суу, дары суу,
Дайрадай ташкындайт, көбүрөт.
Жуунса — жашарып карысы,
Жер байлык төгүлөт.

Өмүрдүн үзүлбөс жиптерин,
«Жаркент» суу — арашан улаган.
Жалтанбас, баатырдык күч демин,
Жаркенттен — суранам!

Тоо башы булутка малынат,
Тоо башы — дары суу — арашан...
Тоолорго адамдар агылат —
Карасаң!.. карасаң...

# АТЫҢДЫ АТАП ЭСКЕРЕТ

*(Казакстандын Гвардия районундагы*
*Чохон Валиханов атындагы колхоздо тургузулган*
*105 жоокердин эстелигине)*

**Жоо майтардың болуп сүрдүү бирөө миң,**
**Мекен бетин кан жырткычтан тазалап.**
**Билдиң акыр өлсөң да өмүр сүрөрүң,**
**Бир айылдык бир жүз беш төрт азамат.**
**Өтсүн жылдар,**
**Сенин ысмың, элесиң,**
**Кийинки өмүр — муундарда жашамак.**

**Өткөн согуш өртүн билбейт деги ким,**
**Күүлөр мактаар күндөрүң бар, айың бар.**
**Сезимдерге төгүп мекен мээримин,**
**Тирүүсүңөр, бир жүз беш от жалындар.**
**Ырга кошмок,**
**Ыр канатын жаңыртмак,**
**Абай жүргөн, Чохон сүйгөн айылдар.**

**Жашообуз көп, максат чегин табат де,**
**Боёк сүртүп, ак таң чыгыш тараптар.**
**Бирге жашап кан тамырда, каректе,**
**Тирүүсүңөр, бир жүз беш гүл, дарактар.**
**Атыңды атап,**
**Тирүүлүгүң эскерип,**
**Иле дайра ырын төгүп агат шар.**

# АКЫН САРА

Мейли жай, мейли күздүн тоңгогунда,
Айтышып «Эчки өлбөстүн» бойлорунда.
Курч сөзүң жалын болуп кары, жаштын,
Алоолоп күйгөн жүрөк, ойлорунда.

Бат тарап сенин ысмың учкан желден,
Бал тилиң самап далай уздар келген.
Атыңды алыстарга даңазалап,
Алтынды каза берген чыккан жерден.

Казактын чексиз ак дан талаасындай,
Сезимге сөз берметин тагасың бай...
Томогоң алып койсо акындыгың
Тоолордун ташкын аккан дайрасындай.

Өмүрлөр өтсө дагы акын Сара,
Дооруна үндөш дайым, жакын Сара.
Унутпай урпактары, жылдыздары,
Күлүктөй арыш керген закым Сара.

Жетпесе бул заманга арман колуң,
Жетти бейм эл журтуңа албан оюң.
Тирилтип сага кайра жүрөк берди,
Керемет күн оттору жанган дооруң.

## КЕЛ... ДОСУМ!

Керемет. Ала-Тоонун гүлүн өптүм,
Кең ырыс, бакыт балкып, күлүп өстүм.
Көргөндө көңүл кушу көкөлөдү,
Койнуңда толкун термеп бөпөлөдү,
Кел, досум, кыргыз көлүн көрүп өткүн!

Комузу күүсүн сайрайт, тилин безеп,
Кыздары ырга, бийге берип кезек.
Дан жыты талаалары, токой, тоосу,
Тартылып таалай берген алтын боосу.
Кучагын жаят улам, мамык төшөп...

Тоосундай максаты чоң, элим эпкин,
Мен дагы берген туусун желбиреттим.
Күн эмес, саат сайын жаңыланып,
Кең байлык өрүш өскөн таңы жарык.
Кел, досум, кыргыз төрүн көрүп өткүн!

# КЫРЧЫН ӨМҮР

*(Курбум Умуке Касымовдун эстелигине)*

Барар алыс бакыт жүгүң тирелип,
Туруучу элең турмушуңда гүл өнүп.
Көз кайкыткан аскар элең айлыңда,
Кулап кеттиң күтпөс жерден түбөлүк.

Булбул куштар безеп үнүн шаңк этип,
Күлөр кезде күмүш күндөй жарк этип.
Кызыл байрак, кырчын өмүр жалындуу,
Кыйылдың беймаш, жаш дарактай жалп этип...

Эл, жериңе болгон аппак сүйүүңдү,
Милдет өтөр тоодой бийик жүгүңдү.
Алып кетер ардак, үмүт балдарың,
Арткы өмүрүң болуп жемиш дүйүмдүү...

Ишенебиз изиң кетпес тапталып,
Элиң сүйөр элесиң бар жапжарык,
Кош бол эми, жалын өмүр, жаш өмүр,
Торко болор топурагың жазданып!

# ИШЕНИМ ЖӨНҮНДӨ

Ойло, мына, ишен курбум, сен үчүн,
Сүйүүм артып сүттөй таза пейилде.
Басып өтөр бакыт жолум — деңизим,
Болсо деймин ишенимдин төрүндө.

Улам кызык сулууланып көктөмүм,
Турмушумдун тумандарын айдаган.
Бүчүр жайып бир жарк этип өткөнүң,
Жаз илебин жаадыраткан кайрадан.

Өмүр гүлдөп өчпөс алган атактай,
Эмгек күчүң таштай каткан билекте.
Өзүң үчүн тазалыгым акактай,
Ишенимди ыйык туткам, жүрөктө.

Жолум жарык самаганга жетемин,
Жолум ыйык көл, дайраны агызган.
Ишенимге ээ болсо деп мекеним,
Көз ирмемде кыял отун тамызган.

Милдетим деп, алып мекен, эл ишин,
Тилегим бар сүттөн бүткөн пейилде.
Басып өтөр бакыт жолум—жеңишим.
Болсо деймин ишенимдин төрүндө.

# ЖҮРӨК КААЛООЛОРУ

Өмүрдө ыйык туткан кең турагын,
Турмушта бар жакының, бар тууганың.
Көңүлдөн ызгаар агып, бороон боздоп,
Ак жерден арамзаанын жүгүн коштоп,
Досуңду сел, кыянга калтырбагын.

Күн ойноп бакыт турмуш төрүндөсүң,
Жанашып, жакын, сырдаш көңүлдөсүң.
Кокустан бутуң тосуп тайып кетип,
Ак жолум кара мөңгү чайып кетип,
Курбуңдун бал чөйчөгү төгүлбөсүн,

Жадырап чын достукту сүрөп өзүң,
Жаштарга калкан болуп тирелесиң.
Кекчил бар кетер алыс жолу туюк,
А кокус ак жолуңа капас куруп,
Күлкүгө күйдүрбөсүн ирегешиң.

Сыйлай бил көңүл назик, көңүл ыйык,
Эр өткөн ар намыста өмүр кыйып.
Балбылдап жолуң жарык өтсүн үчүн,
Баса көр чын достуктун жолун куруп.

# УНУТПА

Камыштай шуулдап өтүп өмүр деген,
Бaратат бийиктеги намысына.
Аземдеп даңгыр салган жолу менен,
Күлүгүн таптап алыс жарышына.

Эмендей боюн жазып өмүр деген,
Чарк уруп чоң турмуштун дайрасына.
Эмгектүү өткөн күнү ширин белем,
Дем берип, таңкы булбул сайрашына.

Деңиздей чалкып терең, толкун чачып,
Өмүрлөр урпак сүйүп, кемибеген.
Жашоодо жер тамырдай көркүн ачып,
Жаркыган Күн жаралган деми менен.

Эмесе ай, адамзат, алтын өмүр,
Жер шарга төккүн тынчтык күүлөрүңдү.
Турмушта өчүп калбай, өсүп көңүл,—
Унутпа, достук кебин сүйлөрүңдү!

## СЕНИ ОЙЛОСОМ

Түздө эгин, төрдө түлүк жайнаса,
Керемети сенин эмгек колуңда.
Жашыл токой жайдары куш сайраса,
Жер шаттыгы дайым жүрөк-оюңда.

Көз уялтып жарк-журк этсе чагылган,
Көркү сенде күмүш төккөн айлана.
Суусуз сайлар калы килем жамынган.
Түрү сенде бөлөп койгон саймага.

Сенин мүнөз элестериң ээрчиген,
Комуз үндөй түшүп ырлар сабына,
Жаштык чакта берген сүйүү энчиңен.
Өчпөс кылып сүртүп койгом каныма.

Ал келетат сезимимде куш болуп,
Алыс учуп канаттары талбаган.
Сени ойлосом кубанычтарга туш болуп.
Түбөлүктүү жаз элестейт айланам.

# ЭМГЕК ТАҢЫ,
# ЭМГЕК КҮҮСҮ ЖҮРӨКТӨ





# КАРЫЗМЫН

Поэзия — басар жолум, арымым,
Доорум сүйүп, алпечтеген заманым.
Жүрөк чертип тийсе мээрим жарыгың,
Жарк дей түшөт менин бүркөө кабагым...

Өзүң болдуң өрүшкө учар канатым,
Сенде бардай дүйнөдө жок сулуулук.
Кээде чалып, кең асмандын арасын —
Толкуп кетем, толкунуңа урунуп...

Поэзия — тунук сүйүүм, өмүрүм,
Ак жол издеп, ак жалының тамызгын.
Сени ойлосом көп тынч албай көңүлүм,
Мен элиме өмүр бою карызмын...

# ЖЕРДИ САКТА

Жер бакыт, жерде сенин ырыстарың,
Тузун тат, туусун көтөр, тургуз шагын.
А кокус тепсеп жериң бүлүндүрсө,
Бастырбай, сындыр душман кылычтарын.

Жер ыйык, жер энеке марттыгы ашкан,
Жадырап бейкут болсо шат күн, асман.
Суулары сузуп алган күмүш болуп,
Жээгинде жашыл кымкар ак гүл ачкан.

Канчалык ардактасаң төгүп териң,
Кастарлап сыйын сага бөлүп жерим.
Өмүрдө кубанычтар артып турат,
Саймала, жериңди сүй, берип демиң.

Бал сүтү агып улам арбып дагы,
Атадан балага өткөн байлыктары.
Түптүгөл койнун ачкан адамзатка,
Түгөнбөй түркүн кени сандыктагы.

Суусун ич, жемишин же арта берет,
Баарыга бакыт жүгүн тарта берет.
Бир гана эмгек этип жерди сакта,
Жер карзын миң эселеп кайта берет.

# ОЮМДА

Аралаш ачуу-таттуу бул өмүрдө,
Жакшылык дилин сактап жүрөгүмдө.
Адамга алп күчтөрдү берсем деймин.
Айланып мүдөө, максат, тилегине.

Тоолордон мөңгү болуп мөлтүр эрип,
Кааласаң тынчтык берип, бакыт берип.
Адамдын кыялы эле ушулар деп,
Айлансам ак гүлдөргө Марста өнүп.

Кандырып жердин укмуш чаңкаганын,
Өрөөндө эгин болуп жайкаламын.
Күз болуп, төгүп тоодой берекени,
Каймагын калпып алам сар талаанын.

Жай, кышы мөмө төгүп, шактап улам,
Мээримдүү Мекен тузун актап улам.
Жылдызга тийип толкун канаттарым,
Оюмда океан болуп аңтарылам...

# УУЛУМА

Суулардан алып жалынды,
Сулуу нур жерге тагылды.
Байыркы тентек өзөндөр,
Баш ийди, колго багынды.
Жазга айлант, уулум сен дагы,
Жамгырлуу жаштык чагыңды.

Жетилип чынар бутагы,
Жыгалбас эч бир күч аны.
Магдырайт Айдын нуруна,
Максатка толгон кучагы.
Жакшы экен жашоо өмүрдүн,
Жалтанбас эрдик узагы...

Сен дагы жайып тамырың,
Жашоонун чачып жалынын.
Таалайды берип элиңе,
Тартуула Күндүн жарыгын.
Тирегим, тоом болоруң,
Тилеймин сенден, жарыгым...

## ЭМГЕК МАЙЫ

Ар күнүң — кымбат көрөм, урмат көрөм,
Сага мен салам айтып, ырдап келем.
Сезимге таң шооласын уялаткан —
Сулуу май, мага ушунча кымбат белең?

Мен эмес, күлүп мейкин, чексиз асман,
Мээримиң сүйкүмдөнүп жыпар чачкан.
Туйлатып жүрөктөрүн Жер шар эли,
Туу кылып тынчтык ырын катар баскан.

Беш жылдык бедел болуп гүл майыма,
Айланды карк байлыктын булагына.
Жарашты майрам күүсү мекенимде,
Жаз күндүн жаштык күткөн курагына.

Жалындап сенин эмгек кадамдарың,
Жаңыртты жаңы күүлөр жаралганын.
Учурду тигил Космос багыттарга,
Улуу күн, улуу заман адамдарын...

Алдыда — ашып достук белестерин,
Жар салдым теңдик күнгө теңешкениң.
Сулуудай из калтырды көңүлдөргө,
Сулуу май, сенин көркөм элестериң.

Өзүңдөй кайра жасап жер дүйнөнү,
Дос, тууган, жеңиш салттуу эр күндөрү.
Партиям баштап алга бара жатат,
Жер шарын мекендеген үй-бүлөнү...

Ал барда арман болбой өмүрдөгү,
Албан иш аткарылган көңүлдөгү.
Сан байлык асман тиреп, өмүр өсүп,
Саргайбайт сайма гүлдөр төрүмдөгү.

Ар күнүң кымбат көрөм, урмат көрөм,
Сага мен салам айтып ырдап келем.
Сезимге таң шооласын уялаткан,
Сулуу май, мага ушунча кымбат белең!

## ЖАЗДАГЫ ӨРҮК

*Жаратылыш — турмушка болгон ден соолуктун, кубанычтын, сүйүүнүн кереметтүү булагы.*

М. ПРИШВИН

Карасам жазда күлгүн өрүгүмө,
Кандайдыр от жандырып көңүлүмө.
Жүрөккө жадыраган кубаныч уюп,
Сезимге жаштык өмүр төгүлүүдө.

Бир кезде чырпык эле, жапжаш эле,
Төгүлүп терең сырын айтпас эле.
Пааналап күндөн тийген көлөкөсүн,
Адамдар аяп данын какпас эле.

Зуу этип мезгил күлүп учат ары,
Ал бүгүн бугу мүйүз бутактары.
Ар кимдин учкул оюн тартып алып,
Ак гүлгө толуп кеткен кучактары.

Суктанып аппак көйнөк — гүлдөрүнө,
Жоодурап жолуккандай сүйгөнүмө.
Кандайдыр карай калсам кубаныч артат,
Дыйкандын өрүк бышкан үйлөрүнө.

Акым бар ал өрүктү сагынууга,
Даярмын бүчүрүндөй жарылууга.

Жарашып жаштык чагы мезгилиме,
Ашыкмын атыр сепкен жагымына.

Унутпайм, улам көрсөм сулуулугун,
Ал тарткан сезимимдин жылуулугун.
Жүрөккө аны ушунча жакын кылган,
Жактырам табийгаттын улуулугун.

## НАРЫН ДАЙРА — ЧЕБЕР УЗ

Өзгөртүп ак сүт чалган өңүн өзүң,
Мөңгүдөн тамчы курап бөлүнөсүң.
Толкунуң минип ойноп бир-бирине,
Сулуудай кучак жайып өбүлөсүң.
Тамчыдан шыңгыр күлкүң алыс кетип,
Талаага бакыт болуп төгүлөсүң.

Нанымда — сенин күчүң ширин болгон.
Шагымда — сенин күчүң мөмө толгон.
Шаркырап ташка урунуп кымыз чайкап,
Шарыңда — кетпес күүлөр сезим-ойдон.
Жериме жүрөк кандай кубат берип,
Элестейт эч чарчабас күлүк жоргом.

Сагынып сени күтүп жылда жазым,
Кээде сен күкүк болуп ырдаласың,
Чайпалып деңиз сымак, буудай термеп,
Кээде сен — дарак болуп ыргаласың.
Гүл тагып, мейкиндерге бермет чачып,
Кээде сен — жылдыз болуп нурданасың,

Суу-турмуш, суу-өмүрүм, суу-байлыгым,
Тек кетпей түшүм төгүп миң айрымың.

Төгүлдү жүрөктөргө толкунундай,
Турмушта кубанч берген күү кайрыгың.
Сезимге уялаган уз белемсиң,—
Сен жасап, сайма килем, гүл айдыңын...

# ЗЫМДАР ЖАНА МАМЫЛАР

Мейли май, мейли кыш ак карда,
Баткансып ак эмгек, салттарга.
Мамылар аскердей тизилип,
Жөнөшкөн алыскы жактарга...

Керемет сыр күчү — мындагы,
Зыңылдап сүйлөгөн зымдары.
Мейли өтсүн көп жылдар, замандар,
Түгөнбөс көл ташкын сырлары.

Анда бар, алкыш, сый кубаныч,
Анда бар, тоо жеңиш урагыс.
Болсо да, аралык алыстан,
Кыялдай заматта угабыз...

Жарышып күзгүдөй жол менен,
Жарышып кыялдар ой менен.
Тоо кесип адырды аркалап,
Мамылар көңүлдү термеген...

Зымдарда күн нуру жагылып,
Күчүнөн татаалдык багынып.
Сызылат жылдызга канатым,
Зымдарда турмуш күү агылып...

# БАКТЫЛУУ КАРЫЛЫК

## I.

Энеси, бүркүт көрсө тоодон учкан,
Уулуна айтып калчу куш деп сырттан.
Кулуну куштарланчу кыял менен,
Түшүндө сызып тоодон, ак булуттан.

Атасы шумкар көрсө зоодон учкан,
Тилечү уулун бол деп куштай сызган.
А уулу түнкү түштө, кыялында,
Чабыттап Айды аралап, жылдыз сузган.

## II.

Замандар дайра болуп агып жатты,
Толкуну күн отторун жагып жатты.
Кечээги балгын өмүр учкуч болуп,
Максат күү чагылгандай жанып жатты.

Ата-эне минип уулдун канатына,
Тигине, чыкты Жылдыз арасына.
Карааны чекит болуп бир нуктагы,
Карады байлык ташкан талаасына.

Тиледи ойноок өмүр небересин,
Самады таттуу кыял чөбөрөсүн.
Чоң эне кайра жашап, кайра туулду,
Чоң ата чоң бакытка бөлөп өзүн.

## СЫЙЛАЙ БИЛ

Эненин сүйкүм мээрим элестери,
Кимдердин жүрөгүндө эмес деги?!
Бакыт күн өчпөс өмүр чырагындай,
Шериктеш жан жүрөгү ынагындай.
Балам!.. деп,— басса-турса сени эстеди.

Оо бала!.. Өлбөс өмүр кылымдаган,
Апакең алдей айтып, ыр ырдаган.
Ал ырда: өмүр, эмгек, келечегиң,
Сүйүүсү, ак тилеги энекеңдин
Жылдыздай маяк болуп жымыңдаган.

Эс тартып, мурут чыгып калса дагы,
Эмгекте эрдик оту жанса дагы.
Кагылам караанындан кулунум деп,
Ырыс көл, өскөн шаарым, туругум деп,
Түйшөлүп сагынбады канча дагы...

Оо эне!.. Мээрим эне, жалындаган,
Айтчусуң: — Уулум мурда кагылбаган.
Алыста кардың ачып калдыбы деп,
Же кесел бөгөт жолун салдыбы деп,—
Бала үчүн түйшүк, санааң арылбаган.

Тажабас, алтын эмгек өмүр салтың,
Баарыга — эне сүйкүм, эне жакын.
Эмесе, өмүр жолун басканыңан,
Эмгекке эшик түрүп ачканыңан,
Түбөлүк сыйлай билгин эне баркын...

# ДҮБҮРТ ТАШТАП ЖЫЛКЫЛАР ЗУУЛАП КЕЛЕТ

Чагылган тоодо ойнотуп кылычтарын,
Турса да аска жарар күйүп жалын.
Ышкылуу ат жалында эркин ойноп,
Ышкыртып жылкы айдаган кыргыздарым...

Ооба, чын тулпар, атсыз күн болбогон,
Ат минсе атырылтып күн бойлогон.
Желбиреп жал, куйругу шамалдарга,
Жарашып кулун, тайлар кырда ойногон.

Саяпкер, сынчы бабам, карыларым,
Айтышчу: «Адамга дос жаныбарым...
Терин төк, атылчудай араң турат,
Тегиздеп туяк учун жанып алгын»...

Бул сыноо себеп болуп тулпарына
Кандайдыр канат бүтүп учарына.
Күлүктөн күлүк озуп байгени алса,
Күн ойноп кубаныч толгон кучагына.

Кымызы кыйла жерге — журтка маалым,
Бал таткан таңдай жарып, сызсаң даамын
Кыздары ат үстүндө камчы ойнотуп,
Кыргыздар кымбат көргөн жылкы малын.

**...Чынында чоң турмуштан түңүлтпөгөн,**
**Тыңшачы!.. дабыш чыгат дүбүрттөгөн.**
**Асырап адамга дос тээ башынан,**
**Ат асыл, ат жигитке үмүт белем!**

Жылкылар зуу-зуу этип ыргак демеп,
Кулундар куйрук улаш туйлап келет.
Кулакка комуз күүсү сиңирилип,
Жылкычы жорго үстүндө жыргап келет.

Чагылган тоодо ойнотуп кылычтарын,
Турса да аска жарар күйүп жалын.
Ышкылуу ат жалында эркин ойноп,
Ышкыртып жылкы айдаган кыргыздарым.

# ЭРТЕҢ МЕНЕН

Куюлду мөлтүр тазалык,
Таң шоола атып эринбей.
Кызыл гүл өсүп жашарып,
Кызарган сулуу эриндей.

Алтын жип окшоп алыстан,
Күн нуру жерге сайылды.
Шурудай тизген аземдеп,
Шүүдүрүм жерге жайылды...

Алтыны көзгө чагылып,
Ачылды чыгыш барагы.
Көк көлгө күмүш малынып,
Тиричилик жерге тарады.

* * *

Күн батат кызгылт төгүп жер бетине,
Билип кой, булут быт-чыт айрыларын.
Таң атат бөлөп нурдуу берметине,
Билип кой, кеткен үмүт кайрыларын...
Өмүрдө эмгек изиң жарык кылып,
Өз энчиң чоң турмуштан кайрып алгын

# БИЛИМДҮҮ ЭКЕН

Атакем болуп караңгы,
Ал көргөн кулдук замаңды.
Жактырчу бирок билгин деп,
Жадабай билим аларды.

Апакем болуп караңгы,
Ал көргөн күңдүк заманды.
Айтуучу бирок билгин деп,
Ар-намыс, жакшы, жаманды...

Ата-эне чалкар берекем,
Акылың дайра, көл экен.
Билгизген окуу кадырын,
Билимиң тоого тең экен...

Азыркы жыргал күнүмдө,
Закымдап кетип баратам,—
Ата-эне кеби дилимде.
Заманым берген билимге...

## ТЫҢШАЧЫ КҮҮНҮ

Токтобой толкун күүлөр ала качып,
Нур чачкан чоң Нарынга аралашып.
Элеси эмгек марштын күнгө жетти,
Эчен кыр, эчен токой, талаа басып.

Айланды кубанычка туш-тарабым,
Ала-Тоо көркүн төгүп — суктанарым.
Ысык-Көл ойноп эркин тоо желине,
Термелип гүлүн төктү сүт дарагым!

Комуз күү бирде күлүп, бирде боздоп,
Турмушта тээ алыскы сырды козгоп.
А бүгүн аралашып ак эмгекке,
Күү таңшыйт улуу максат үндү коштоп.

Үнүндө эрдик, таалай кайрыктары,
Ташкындап ата журттун байлыктары.
Ак сүйүү, эмгек ырын баян кылып,
Тоо күүсүн чертчи, курбум, кайрып дагы!

## ЖАЛБЫРАКТАР

Жалбырактар күнүн өтөдү,
Жашоолорго берип кубатын.
Жашылдарга бөлөп көчөнү.
Жайды бутак жашыл кулачын.

Жазда төгүп жаркын мээримин,
Жарып бүчүр гүлүн тагаарда.
Ырчысындай сүйгөн жеримдин,
Дир-дир этти тентек шамалга.

Жамгыр болуп күздө куланып,
Жааады жерге туйлап жүрөктөй,
Сайрады куш өмүр уланып,
Жалбыраксыз жакшы күн өтпөй.

Жарык турмуш өмүр күнүндө,
Жайып бутак, төгүп жалбырак.
Жашылданып сезим дилинде,
Жагалдангын курбум сен дагы
Өлбөс эмгек, өлбөс шаң курап...

# МАХАБАТ БҮЧҮРЛӨРҮ





## САГЫНЫЧ

Ак сүйүүм сага артылып,
Ак гүлүң сени сагынган.
Сүрөтүң көзгө тартылып,
Каректе жанат чагылган.
Көрүнчү бүгүн алдыман.

Жыргалды сезип жүрөгүм,
Жылдызын тоонун караймын.
Махабат, үмүт, тилегим,
Сапарың эрдик санаймын.
Кыял көл кечип далайын.

Айткансың улуу сыр барын,
Жетүүгө максат сереге.
Сезимди ээлеп ырларың,
Күү төктүң жүрөк денеме.
Эч кетпей ойдон дегеле.

Сени эстеп бийик көңүлүм,
Сагынчым качан жазылат?!
Барчыным, бакыт өмүрүм,
Көрүнчү кайра батыраак,
Көрүнчү күндөй чачырап.

# КЕЗ БОЛУП СЕНИН ӨТӨР ЖОЛДОРУҢАН

Көз артып күндүн сулуу жарыгына,
Көшүлүп бул турмуштун жагымына.
Алыскы, чексиз жылдыз дүйнөлөрүн,
Аралайм минип кыял арымыңа.

Көрүнүп жакын сырдаш ынагымдай,
Таңдайда таткан суусун булагың ай!
Сен десем күүлөр жанып жүрөктөрдө,
Сезимде тунуп калган ырларың ай!

Турмушта жаштык кезге жарашасың,
Күлүңдөп күндү өзүңө каратасың.
Кара каш, аппак таза сүйүүң менен,
Курбуңду каякка алып баратасың?!

Билип мен ак шам болуп жанарыңды,
Ойлоймун өчпөй мен да жанамынбы?!
Ойноктоп куштар учкан, куш сайраган,
Ойлоймун жазда бүткөн дарагымбы?!

Көлкүгөн көл, дайраңды бойлоп улам,
Тереңдик ырын таптым ойлоруңан.
Кайталап күздү көрдүм кыш айында.
Кез болуп сенин өтөр жолдоруңан!

# БИЙЛЕП ОЙДУ, ЖЕТЕЛЕЙСИҢ СЕЗИМДИ

Бул өмүрдө ашкан дабан күлүк бар,
Жигит өткөн арман кылбай сүйүп жар.
Бийлеп ойду, бийик кылган толкунду,
Билбейм неге? Өзүң салган бүлүк бар.

Заман күбө сүйлөйт өткөн тарыхтар,
Чын эрдикте өчпөс өрттөй жарык бар.
Билбейм неге? Кыйрын көлдүн кыдырган,
Кыялымда таза сүйүү кайык бар.

Чыйыр изин таап эркин туюктан,
Жүрөгүмө жаштык күүсүн уюткан.
Билбейм неге? Сезим тартар жибиң бар,
Сен жарк этип күлүп чыксаң булуттан.

Кээде кызык, көл толкунга урунам,
Кээде кызык, көз жалт этип нуруңан.
Ай табигат! Ак сүйүүмдүн күбөсү,
Адаштырба, тагдыр берген сулууман.

Бул өмүрдө атагы ашкан күлүк бар,
Баатыр өткөн арман кылбай сүйүп жар.
Бийлеп ойду, жетелеген сезимди,
Билбейм неге? Өзүң салган бүлүк бар.

# ЖАЗ ГҮЛҮ БОЛУП ЖАЙНАП КЕЛЕМ

Турмушта өчпөс кутум, өмүр шамым,
Күн болуп көтөрүлгөн көңүл шаңым.
Ак сүйүүм ашып-ташып сага деген,
Токтобой тоо чокуга жеткен шарым.

Тилесем эл урматын сага, жаным,
Эсимде, келечек иш самаганың.
Эсимде, сагынч күткөн сапарымда,
Сени эстеп көз каректи кадаганым...

Максатым, бакыт кушум алыска учкан,
Мээримдүү отун жагып кучак кыскан.
Сен десем көктө чолпон жакын болуп,
Сезимде тунук сүйүү булак сызган.

Ал булак өмүр жолдо мүрөк болуп,
Адамга укмуш сулуу чүрөк болуп.
Сүт чынар жаштык күтүп көркүн төгөт,
Таңшыган таң булбулу түнөк болуп.

Сезимге жакын бүткөн ардак белең,
Сени ойлоп айтар сырым камдап келем.
Сагынч көккө эргитип канатымды,
Сага мен жаз гүл болуп жайнап келем.

## ӨЛБӨС БОЛУП ЖАШАЙЫН

Ысык күндө чаңкап турсаң,
Суусун болуп берейин.
Тоодой түшүм,
Күтсө күзүң,
Ак жамгырым төгөйүн.

Жылдыз сузуп келгин десең,
Кут түшүрүп жолуңа.
Айдай толуп,
Чолпон болуп,
Төшөлөйүн жолуңа.

Ашууларды ашып далай,
Жол салайын сеңирден.
Жаштык кезден,
Эрдик сезген, —
Ак эмгекке берилгем.

Сулуулукту самап турсаң,
Тартуу кылып жаз айын.
Өнөр артып,
Жүгүм тартып,
Өлбөс болуп жашайын.

# КӨРҮНЧҮ

Жан эркем, өсүп турган сүт чынарым,
Артылып бир өзүңө бүт кумарым.
Оюмда сүйүү жибин келептеймин,
Окшотуп айдың көлдүн аккууларын.

Ыр угуп, көктө сызган канатыңан,
Жүрөгүм күүгө батып барат улам.
Жан эркем, сезимимдин жалындары,
Көрүнчү, кызгалдактын арасынан?

Көрүнчү, көл боюнан, суу боюнан,
Жаадырап кетпей койдуң сен оюмдан.
Жүрөккө канат бүтөр, кайрат бүтөр,—
Кармасам кардан аппак колдоруңан...

# САГА

Саябан жашыл чынарым,
Сабалап сага жөнөдүм.
Жашоонун берип кумарын
Көтөрүп жаштык жылдызын,
Көңүлдү күүгө бөлөдүң.

Зууладың максат төргө кең.
Толкунда, бакыт деңизим.
Үрөнүң болуп өлбөгөн,
Жайнатсам сенин алдыңа —
Жактырып алар жемишиң.

Көкүрөк керип шамалга,
Сагынткан жаздай баш багып,
Сен жыттап төшкө тагарга,
Гүл болуп кайра чыксам дейм,
Кааласаң аска таш жарып!

## МАХАБАТ

Махабат — сүттөн таза, сүттөн аппак,
Жылытып жердин бетин нуру каптап.
Ташкындап, тоо эңсеткен таш булактай,
Аралайт дүйнө кыйрын назик аттап.

Махабат — кол жетпеген бийик чынар,
Чынарга жаштык кумар, жүрөк кумар.
Кастарлап ой акылын, сөз асылын,
Көңүлдүн тереңинде гүлдөп турар...

Махабат — мөлтүр тамчы, жаз сулуусу,
Кең чалкар, бар өмүрдүн бактылуусу.
Элеси, назик жолу урпактарга,
Керемет жомок болуп айтылуучу.

# МӨЛТҮР БУЛАГЫМ

## I

Кут жайнап кумар чериң тарагандай,
Кызгалдак сайма курган талаа кандай.
Бал булак маңдайымда агып жатат,
Шыңгырап кыздар ырын самагандай.

Билемин ал ашыгат алыстарга,
Урунуп аска-ташка, камыштарга.
Нур төгөт күн элесин тартып алып,
Өзгөртүп өзөн нукта агызганда.

Ал булак соолбогон ага берген,
Чөл жерде мөмө шагын тага берген.
О, жаным, сен да булак соолбогон,
Тагдырым сүйүү кылып мага берген.

## II

Тамчыдан күр-шар эткен дайра болуп,
Бир тынбай гүл бутакта сайра, конуп!
Турмуштун тунук күнүн тартуу кылып,
Турайын түн пардаңа далдаа болуп.

### III

Тартуулап, жаз жай, өмүр, күздөрүмдү,
Сен мага өлбөс сүйүү түзбөдүңбү?!
О, жаным, мөл булагым, акчы тунук,
Карайын күзгү кылып жүздөрүмдү...

## ЭСКИРБЕГЕН СҮЙҮҮЛӨР

Эсиңде калбай бүт баары,
Эскирет жолдун нуктары.
Дайра да изин өзгөртүп,
Басаңдайт куштун учканы.

Эритип күндүн аптабы,
Эскирет мөңгү катмары.
Көнөөрөт калбай эсиңде,
Кыялдар бала чактагы.

Эмгекти алган далайга,
Эскирет көркөм сарай да.
Аземдүү бүткөн идиштер,
Айланат акыр калайга.

Кайрадан толкун тирелип,
Кайрадан жыпар гүл өнүп.
Эскирбей алгач сүйүүлөр,
Эсиңде калат түбөлүк.

## ЛИЛИЯ ГҮЛҮНӨ

Өмүрдө сырдын ачып барактарын,
Эң назик, сүйкүм кезде жанашканым,
Теңселтип, шуулдатып, жер бийлетип,
Тентек жел Лилиямды талашпагын...

Сезимге издер таштап жайнаганың,
Жактырдым куштар безеп сайраганын.
Лилия жүрөгүмдүн назик гүлү,
Күн оттой жалыныңа кайнагамын...

Эмесе жыпар чачып төгүлө бер,
Жаштыгың миң кайталап өмүргө бер.
Турмуштун карылыгын сүрүп таштап,
Шаттык ыр, комуз күүсүн көңүлгө бер.

Сен дайым кайрат болуп канатыма,
Дем берип Жылдыз отун жаратууга.
Жомокто бүтпөс иште кайра куруп,
Жол салам аскалардын арасына.

Сен менен сүйүү төрүн аралаймын
Сен менен шумкар болуп сабалаймын.
Лилия: таңым менен бирге бүткөн,
Таңшыган булбул ырын сага арнаймын.

# КЫЗЫКТУУ БЕЛЕМ

Жүзүңдөн Ай нур чачырап,
Жүрөгүм сен деп ашыгат.
Кол сунсам сендей жылдызга, нур кызга,
Керемет белем, кызыктуу белем жаш убак.

Өзүңдү сүйүп жактырып
Өмүрүм дайым шат куруп.
Жарашат сүйкүм ишиңе, жүзүңө,
Эмгекте чыккан, эргүүдө чыккан каткырык.

Мүнөзүң дайым назданып,
Каректе сулуу жаз калып.
Алаксып кетем сени эстеп, мен эстеп,
Ак куулар ыры башталып, башталып.

Түбөлүк жүрөк унутпас,
Сүйүүмсүң аппак кыйышпас.
Сенде бар тоону жаңырткан, сагынткан,
Сезим күү мени унутпас, унутпас.

Ал күүдө бакыт чачырап,
Жүрөгүм сен деп ашыгат.
Кол сунсам сендей жылдызга, нур кызга,
Керемет белем, кызыктуу белем жаш убак.

## СЕНИ ГАНА ИЗДЕДИМ

Гүлдөр көрдүм... Аяп аны үзбөдүм,
Бирок калды жаз гүлүндө издерим.
Эмнегедир көңүл дегдеп ошондо,
Көп гүлдөрдөн сени гана издедим.

Акыр таптым ошол мага туу болду,
Жүрөккө дем, өмүргө ынак күү болду.
Доорум сүйүп, элим мактап жактыраар,
Доско кайрат, душманга ызгаар, уу болду.

Эгер мени кайгы булут каптаса,
Ачып койду асман, күнүм таптаза,
Үмүт жылт деп, үйдүн куту жарк этти,
Өмүр чеги өрдү көздөй аттаса...

Гүлдөр көрдүм... Аяп аны үзбөдүм,
Бирок калды чыйырларда издерим...
Көзүм түшүп, көңүл дегдеп, өмүрдө,
Көп гүлдөрдөн сени гана издедим.

# АСМАН ТУНУК, АЙ ТУНУК..

Асман тунук, Ай тунук,
　　　　кѳл да тунук,
Алмаз сымал кѳп ойлор
　　　　менде тунуп.
Сезип калдым ай, мѳлмѳл,
　　　　ак сүйүүңдү,
Сен олтурган булакта мен да олтуруп...

Сен дагы сездиң бекен, туйдуң
　　　　бекен?
Махабат күүсүн черттим
　　　　нечен-нечен.
Баарысы ѳлбѳс болуп
　　　　сага арналып,
Карааның карегимде калды бекем...

* * *

Күн нур күлдү жаадырады
жер энени термеди,
Таттуу күүлөр шаңкылдады
табигаттын эрмеги.
Арча бетте, аппак кыроо —
ууз нурга чыдабай.
Эрип кетти, булоолонуп
арсар болуп келмеги...
Эриди мөңгү чокудагы
таштап закым дабышын
Бермет терин төктү чексиз
көздөп жолдун алысын
Шүүдүрүмдөр бадалдагы
тоңуп турган денеси.
Эрип кетти күн нуруна
тоссо күмүш далысын.
Бүт табийгат магдырашып,
күндүн сулуу таңында.
Батса дагы бакыт берген
бир керемет жалынга
Сүйүп жүрүп, көңүл калган —
бозоюна жаш сулуу.
Тоңуп турду бир эрибей
муз күү ойноп канында!.

# МАКСАТ САПТАРЫ
# ТҮГӨНБӨС







# КҮН КӨТӨРҮП БАРАЙЫН

Көз уялтар кут денеңди
            керемет күч сулуулап,
Оо, улуу Күн, баратасың
            сапар улап зымырап.
Сенин мээрим илебиңен,
            Жаш канаттар жетилип,
Жашоолордун өлбөс күүсү
            шыңгыр даана угулат.

Сени сүйөт жыттуу жалбыз,—
            бийик учкан көпөлөк,
Сени сүйөт залкар тоолор —
            далысына бөпөлөп,
Сени сүйүп шүүдүрүм да,
            нуруң тийсе касиет,—
Кетет алыс түрмөктөлүп
            булут болуп көкөлөп,

Жада калса чарчоо билбес,—
            кумурска да сүйүнгөн,
Жумуш десе, ачып кабак,
            миң секирип түйүлгөн.
Жаадырашып, дене жазып,

кубанч күлкү тартуулап,
Сансыз тажы, жыпар жыттуу
гүлдөр сага тигилген.

Оо, сулуу Күн, адамзаттын,
тиричиликтин өмүрү,
Сезет сени, сыйлайт сени
бар жандуунун көңүлү.
Сезет сени зор бакыттай,
чексиз улуу максаттай.
Пайда болуп дайраларда
ашып-ташкан көбүрүү.

Кана эмесе, Күндөн мен да
өз энчимди алайын,
Керек болсо миң кубулуп,
Күн нур болуп жанайын.
Аалам тыңша, жүрөк тыңша,
адам атым билгизип,
Алсыздарга, алыстарга
Күн көтөрүп барайын!

# КАНАТ КҮҮЛӨ АЛЫСКА

Бул өмүрдүн басар жолу алыста,
Кана, курбум! Канат күүлө алыска.
Кубат артып, куруп бакыт үйлөрүн,
Куштай учкан мезгилиңден калышпа...

Бирде тынып, бирде согуп шамалдар,
Бул өмүрдө кызык, кыйын кадам бар.
Жабыкса да жаркын максат көздөгөн,
Жанга шерик жалын жүрөк адам бар.

Эрдик сынар ачуу тери, балы бар,
Тикени бар, гүлү да бар, кары бар.
Ашуусу бар, тереңи бар ченемсиз,
Акыр анда желек — байрак тагылар.

Бул өмүрдүн барар жолу алыста,
Кана, курбум, канатың жай алыска.
Жашыл жаздар, күз үлпөтүн арала,
Жуурулушуп эрдик күткөн намыска...

# СҮЙГӨНҮМ ӨСКӨН ЖЕРЛЕРДЕ

Каркырадай кайтып келип ар жылы,
Кенен койнуң араласам Көк-Оюм.
Сүйгөнүмдүн ачылып сыр сандыгы,
Мен жаш кездин шактарына кономун...

Таазим этем сен төрөлгөн башатка,
Ыңаалаган алгач үнүң угамын.
Атаң анда аттанып чоң казатка,
Бекем коргоп келген сулуу турагын.

Мында турат сен тызылдап ойногон,
Кыз мезгилиң,
        Баскан чыйыр,
              издериң.
Гүл аңкыган арыктарды бойлогон,
Унутулгус жаз айларың, күздөрүң.

Апаң издеп сен ойносоң жашынмак,
Күлкүң ташкан ушул сүйкүм Аралда.
Али турат,
        Сага өмүрлөш
              жашыл бак,
Эстеп сени күүлөр таштап шамалга.

Тоо тектирде жайнап туркүн мөмөлөр,
Ак алманын жыты бур дейт шагынан.
Сиңдилериң чүрөк болуп төрөлөр,
Гүл жериңдин касиетине жалынам...

Угулгансыйт сенин кутман талааңан,
Сүйгөнүмдүн түрсүл жүрөк кагышы.
Алыс жүрсөм кетпей күлүк санааман,
Коштойт мени таза, сүйүү, намысы.

Бир кездеги ынак өскөн курбуңдай,
Ак кайыңдар турат күмүш нур чалып.
Таалайыма кайра жаңы туулуп Ай,
Жайнап келем жарыгыңа курчалып.

Келем жерге сен көтөрүп суу алган,
Кулагымда күлкүң чыгып кайрадан.
Гүлкайырдай сүйкүм кезиң буралган,
Тартып мени, жүрөк менен байланам.

Бийик жердин бир учуна карасам,
Каптап мына, күндөн бүткөн жылуулук.
Касиетиңе көлкүп эрип баратам,
Көз алдымдан кетпей жаркын сулуулук.

Алыс учар кош канатын кергиче,
Ак чардагым ардак кылып баскан жер.
Кош бол эми, көрүшкөнчө, келгиче,
Кирсиз таза махабатым ташкан жер.

# ТЫНЧТЫК ТИЛЕКТЕРИ

Укчу сулуум, кадырлашым, ай тамак,
Көргөн кезде көздөр сенден жалтанат.
Таза болуп тынчтык күндүн сүйүүсү,
Сага деген жүрөк сөздөн бал тамат.

Ушул элес кайталанып өмүрдө,
Уюп бекем күүсүн тартып көңүлдө.
Тынчтык жүгүн жүрсөк экен аркалап.

Ар ким сүйүп өз кесибин бөпөлөп,
Асман чийди алтын чынар көкөлөп.
Көз чаптырсак, бирок, өткөн өмүргө,
Согуш тагы көкөйлөрдөн кетелек.

Ай, тууган, дос! Эмгек сүйгөн мекендеш,
Анда эмесе тынчтык жүгүн бекемдеш.
Үмүт жибин улам алга жетелеп.

Азыр да бар «Кансыз согуш» курусун,
Тынчтык данын кетип жатат тымызын.
Андайлардын колун байлап, күнүмдүн
Корго, досум, булуттанбай турушун.

Планетанын тынчтык деген үнүнө,
Кошул, ырда канат байлап күнүңө
Ташкындатып элдин деңиз ырысын...

Ойнойт уулум, келечек күн аскарым —
Көрөм дагы төрөлөт көп жаш жалын.
Турмуш жазы согуш өрткө чалынбай,
Толсун десек ак кептерге асманым.

Жылдыз төшөп адам басчу жолдорго,
Арча өстүрүп, ак кар, муздуу жондорго.
Жашылдансын өчпөс өмүр — жаздарым.

# ЖОЛДОР УЗАК

Баатыр элим милдет тагып балаңа,
Айттың минтип: — Асман, жерди арала.
Аралайын, кыйындыкка барайын,
Гүл тагайын күйүп жаткан талааңа.

Максаттар көп, жол узак,
Маара көздөп жөнөйүн.
Кана, курбум, сен узат,
Эрдик жасап өмүрдө,
Эмгек терин төгөйүн.

Ырың ырдап, үндөш болуп доорума,
Даңк барагын ачып алтын томуңа.
Сүйкүм элим, сүттөн таза пейилде,
Жылдыз болуп төшөлөйүн жолуңа.

Максаттар көп, жол узак,
Маара көздөп жөнөйүн.
Кана, курбум, сен узат,
Эрдик жасап өмүрдө,
Эмгек терин төгөйүн.

# ӨЗҮҢ МАГА

Тууган жерим, сагынч артып сен десем,
Жаным жыргап жаңы бешик терметем.
Кусалыгым арта берет, эркелеп,
Кучагыңда куштай сызып келбегем...
Ой көлүндө сүзөт белем мынчалык,
Өзүң мага ой толгооңу бербесең...

Тууган жерге алып бакыт сапарын,
Көрө калсам көп үйлөрдүн катарын.
Таалай ойноп, эмгек күүлөр кагылган,
Бейпилдиктин дарбазасын ачамын,
Жазыла элек жакшы ыр бардай бул жерде
Жаркын тилек кыялдарга батамын.

Тууган жерге сезим ынак башынан,
Эртеңки ишин даңазалап жаш улан.
Билем сыйын, билем бийик жылдызын,
Бир гана эмес, миң баруугa ашыгам:
Поэзия отун алып өзүңөн.
Бөбөктөрдүн сылайм көкүл чачынан.

Тууган жерге түшүп сүйүү карегим,
Тынбай эгип максат ойдун данегин.

Ыраазымын тагдырыма кайгырбай,
Сенде калса өмүр изим, дарегим.
Жомоктордой баатыр изин кубалап,
Жорго таштайт журтун сүйүп калемим.

Толкуп кетем, сагыныч артып сен десем,
Жаным жыргап, сүйүү бешик терметем.
Кут мекеним кумар черим тарабайт,
Кучагыңда куштай канат кербесем,
Ой көлүндө сызат белем мынчалык,
Өзүң мага, ой толгооңу бербесең...

# ҚАЙРА ТИРИЛГЕН АКЫН

*(Советтер Союзунун Баатыры, Лениндик сыйлыктын лауреаты Муса Жалилге)*

I

Жырткыч келсе гүл даракты жапырып,
Өрттөп туусун, күлүн көккө сапырып.
Акын өлдү, жалтанбаган жоодогу,
Тирилди, бирок, бүркүт шаңшып тоодогу.

Тирилгени — ачык асман, көк асман,
Таңдар атып, Жер жылдызын саматкан.
Бүгүнкү өмүр максат күтүп жеңиштүү,
Чыйыр издеп бийиктерде бараткан.

II

Кара жылан — каптап келген туманда,
Айланды акын өрткө, селдүү кыянга.
Жоо колунан өлдү, жерди жазданып,
Тирилди, бирок, жоогазын гүл таш жарып.

Тирилгени — күлкү каптап жеримди,
Сүртүп жатам талаада эмгек теримди.
Тынчтык күндө ырын ырдап акындын,
Жазып жатам жазыла элек черимди!

## МАКСАТ САПАРЫ

Унутпай бийик белдер ашарымды,
Унутпай чексиз жолдор басарымды.
Көңүлгө канат тактым кыял минип,
Унутпай жер айланып жашарымды.

Замандаш, алтын тууруң, үйүңдө сен,
Миң сырлуу мага карап күлүңдөсөң.
Жактырып алыс сапар алганымды,
Көп милдет тагдырымдан түңүлбө сен.

Ал милдет: дайра бурам чөлдөгөнгө,
Жол салам муз тоолордон өрдөгөнгө.
Күн отун түбөлүккө берип турам,
Бакытты көө түндөрдөн көрбөгөнгө.

Алдымда аска-зоока бийик жатат,
Ак кар, муз дөбөлөрүн үйүп жатат.
А бирок, алар колго багынышып,
Сүт чачып көл, дайралар ийип жатат.

Тынчыбай сезим, жүрөк билектерим,
Бийикте максатымдын тилеп төрүн.
Жашоодо элим үчүн, өмүр үчүн,
Келатам жаратууга мүрөк көлүн.

# ТҮНДӨРГӨ КҮН ЖОЛУН САЛГЫЛА

Инилер оюнга тойбогон,
От коюп дүкүйгөн чийлерге
Жалындар асмандап ойногон,
Ак чачып караңгы түндөргө.

Тентектер кыялы азоолор,
Жылытып колдорун жалынга.
Күткөнсүйт эртеңки жашоолор,
Турмуштун толкундуу шарында.

Ошондо тентектер, инилер,
Өрт болуп кайрадан жангыла.
Ширелип эрдикке дилиңер,
Түндөргө күн жолун салгыла.

## ТӨРӨЛҮПМҮН

Төрөлүпмүн тээ алыскы бийик жерде, чокуда,
Турмушту да бийик жерден терең карап окууга.

Төрөлүпмүн кыя белден, чоң ашуудан өтүүгө,
Өмүр жолдо кең жол салып, чоң максатка жетүүгө.

Төрөлүпмүн мен кыш айда, жазды элиме берүүгө,
Жеңиштерге далай-далай күрөш менен келүүгө.

# ЖАШОО КУМАРЫ

Сен менен бирге болуп санаалашың,
Алдыга айдап турмуш арабасын.
Өмүрдө өчүп калбай, дымып калбай,
Дүбүртүң дүйнө жүзүн араласын.

Иш күтсө, максат күтсө алдыңдагы,
Ак эмгек ай сапарын алгын дагы.
Тереңге, сезимдерге уюп калар,—
Обон сал, күүңдү төк, ар кылдагы.

Ошондо айтып атың заман, кылым,
Ошондо айтып дүйнө адамдыгың.
Анда сен жашамаксың өлбөй тирүү,
Ар кимге алп көрүнүп кадам, жылың!

## БҮРКҮТТӨР

Текөөрү болот болуп жалаңдаган,
Кабагы карт аскадай салаңдаган.
Арстан да акылынан тайып кетип,
Коёндой коркок болуп алаңдаган.

Болсо да өзү чакан көлөмдөгү,
Күчү зор, деңиз ташкын көрөңгөлүү.
Серпилсе канаттары жагалданып,
Сезесиң бир алп күчтү өрөөндөгү.

Ааламга мээрин төгүп күлүңдөгөн,
Кааласа бой тирешип күнүм менен.
Бүркүттөр бийик учуп шуулдаса,
Булуттар быт-чыт болуп бириндеген.

Ызалуу каарын төксө атып көктөн,
Ташты да октой тешип батып кеткен.
Бүркүттөр алгыр болуп турмушунда,
Бүркүттөр татык жомок, татык кептен.

Текөөрү болот болуп жалаңдаган,
Кабагы карт аскадай салаңдаган.
Кыраан куш тик качырып максат койсо,
Кылчактап артын бир да каранбаган.

## ҮМҮТҮМ ЖАНЫП КӨП ИШКЕ...

Жамгыры жайдын жарашса,
Күн желе кооз сынбаган.
Белди ашып «ЗИЛдер» баратса,
Максаттар ошол тынбаган.

Кызыл Туу шаңдуу көрүнсө,
Кызуу иш бийик кырдагы.
Жүрөктө сырың төгүлсө,
Жүрөктүн ошол ырлары...

Булуттар тоодон тараса,
Бүркүттөр шаңшып алыстан.
Кыялым болуп тараза,
Ракета менен жарышкан.

Зор кеме сүзүп деңизде,
Тээ алыс жээкти көздөгөн.
Үмүткөр болуп көп ишке,
Үмүтүм менин өчпөгөн.

## БИРИНЧИ КАР

Күз үлпөтү күлүп келген маалында,
Аппак кардын аппак нуру канымда.
Жер энеге миң эркелеп мен дагы,
Жабалактап жаагым келет сабында.

Каалгып учуп, жумшак назик канатың,
Жетегинде жетпей калат санатым.
Ай көрпө кар, биринчи кар, түшүм кар,
Ардак кылып тосуп алуу — адатым...

Ырыс талаа ыйык акың кайтарат,
Шекер сымал төгүл, ак кар кайталап.
Сезимдерге аппак үмүт уялап,
Сезимдерге ак той, тилек бал тамат.

# СУЛУУЛАР

Ай, сулуулар, ашык кылган сулуулар,
Силердечи... гүлдүн мээрим нуру бар.
Ардак кылып атыңарды илгертен,—
Ырга кошкон далай акын — улуулар.
Оо, сулуулар, сулуулар!

Ай, сулуулар, көз тайгылткан сүрү бар,
Силердечи... гүлдүн мээрим нуру бар.
Кирпиктериң камтып сезим канатын,
Жер шарына жетер бакыт үнү бар.
Оо, сулуулар, сулуулар!

## КИТЕПКАНАЧЫ КЫЗГА

Китеп — досуң, китеп — сенин сырдашың
Китеп — өмүр, китеп — жакын кыйбасың.
Укмуш сырлар уюп калса элде деп,
Билем сенин сергек, ишкер тынбасың.
Анда эмесе, артык баалап эмгегиң,
Акын жүрөк лирасында ырдасын...

## КАРКЫРАЛАР

Максат издеп, бакыт издеп,
жайкы нур таң атарда,
Жаш канаттар бекем туруп,—
бийик учар катарга.
Өмүрдү арнап өр турмушка,
кыйындыкка, кыш күнгө,
Каркыралар тизмектешип
кетти алыскы сапарга.

Өтүп жатты жаз күндөрү,
жамгырлары көнөктөп,
Күз күндөрү күлпөт жайып,
той жемишин төгөт деп,
Үмүт жайды мекенине
ташып эмгек сүттөрү,
Каркыралар канат жайып,
качан учуп келет деп.

Сагынч артып талаа түздө
каркыралар шаңына,
Жер тамыры жибип жатты
булак, дайра — канына.

Кайыңдар да, эңсеп улам,
кыркар тарткан элести.
Карай берди каркыранын
сапар тарткан таңына.

Самады көп сайма төрлөр
түлүктөрү семирген,
Самады нечен жашыл жондор
жайнап өскөн көбүргөн.
Сагынтышпай келсе дешти
максат жүгүн көтөрүп,
Самап эчен ата-энелер
мээрим оту төгүлгөн.

Келди акыры айланышып,
каркыралар айлына,
Ар биринде өнөр куту,
өнөр күүсү бар мына!
Сагынч арткан талаа, төрлөр
жана аппак кайыңдар,
Жарпын жазды — жаңы нурга,
жаңы күүгө, жаңы ырга...

## МЕКЕНИМ ЖАНА МЕН

Дүрт этип бир жанып, кайрадан,
Өчпөйүн эне жыт боорунда.
Турмушта бышыгып, кайнаган,
Болоюн кыйындык жолунда.

Карааны каректе үзүлбөй,
Алыс жол, тер керек күлүккө.
Ооруңду колумдан түшүрбөй,
Ардактап коёюн бийикке.

Бул сырым — чын антым жүрөктөн,
Тээ алыс канатым жазайын.
Мекеним, мени алга сүрөткөн,
Кебелбес кениңди ачайын.

Энемдей мээримдүү бөпөлөп,
Күүлөрүм миң толгоп таштадың.
Көрк төгүп чынардай көкөлөп,
Болоюн жапжашыл жаздарың...

Дүрт этип бир жанып, кайрадан,
Өчпөйүн эне жыт боорунда.
Турмушта бышыгып кайнаган,
Турайын ак эмгек жолунда.

## СҮЙЛӨШҮҮ

*(Кургак-Үкөк тоосуна)*

— Булагың күүсүн чалат тыным албай,
Булбулуң үнүн безейт тили балдай.
Анча не асман тиреп көкөлөйсүң,
Айтылбас терең акыл сырың бардай?!

Үкөк-Тоо эмне айтарым билип мени,
Ак сүттөй ашып-ташып ийип кеби:
— Балдарым көздөп алыс чокуларды,
Максатка жетсе деймин бийиктеги...

...Шол үчүн бийик болуп турам дагы,
Учса деп балапандар уямдагы.
Суктанам, өзөндөргө көзүм артам,
Жаңы өмүр эрдиктерге тунам дагы!..

# МАЗМУНУ

## АТА-ЖУРТ ТОЛКУНДАРЫ


Түбөлүк алып келди жарык таңды . . . . . . . . . 7
Өтсө дейм . . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Мекен — эне тилеги . . . . . . . . . . . . . 9
Тууган жерге толгонуу . . . . . . . . . . . 10
Мекен мөмөлөрү . . . . . . . . . . . . . . 11
Ата-Журт жөнүндө ойлоп . . . . . . . . . . . 12
Эл — океан, анын мен — бир тамчысы . . . . . . . 13
Билип кой . . . . . . . . . . . . . . . . 15
Көрө калсам солдат уулун . . . . . . . . . . 17
Карагай . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
Талаа жөнүндө ой . . . . . . . . . . . . . 19
Фрунзе шаарым . . . . . . . . . . . . . . 21
Өмүргө дос ырыңды алам . . . . . . . . . . 23
Сабак кылат . . . . . . . . . . . . . . . 25
Калмак-Ашуу . . . . . . . . . . . . . . . 26
Тилеймин эрдик өмүрүң . . . . . . . . . . . 28
Жүрөктө өчпөс гүлдөрүң. . . . . . . . . . . . 29
Арчалар . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Кара тоо жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 31
Милиция жөнүндө ода . . . . . . . . . . . . 32
Кочкор токою . . . . . . . . . . . . . . . 33
Мага берчи . . . . . . . . . . . . . . . . 34


## ТЫНЧТЫҚ КҮН — СЕНИН БАҚТЫҢ, МЕНИН БАҚТЫМ...


1945-жылдын жаз айында . . . . . . . . . . . 37
Кара жылан жолобосун . . . . . . . . . . . 39
Солдат жарынын ыры . . . . . . . . . . . . 40

Өмүр жаздары . . . . . . . . . . . . 41
Жүрөктө . . . . . . . . . . . . . 42
Басар жолум жөнүндө. . . . . . . . . . 44
Тынчтык десем . . . . . . . . . . . . 45
Мөмө төктүң дарагыма . . . . . . . . . 47
Чек арачы . . . . . . . . . . . . . 49
Бактым ушул . . . . . . . . . . . . 51
Кыялга батып . . . . . . . . . . . . 53
Жаратайын жаз элес . . . . . . . . . . 54
Күтүү вальсы . . . . . . . . . . . . 56
Ак кайыңдар . . . . . . . . . . . . 57
Издер . . . . . . . . . . . . . . 58
Өрт өчүрүүчүлөрдүн ыры . . . . . . . . 59
Кайрылчы бир . . . . . . . . . . . . 61
Бакыт белең . . . . . . . . . . . . 62
Карындашыма . . . . . . . . . . . . 63
Эстелик сыры . . . . . . . . . . . . 65
Көп болсунчу . . . . . . . . . . . . 67
Көңүлдүн акты сырлары . . . . . . . . . 68
Чынарым . . . . . . . . . . . . . 70
Үмүт үздүм дебечи . . . . . . . . . . 71
Сагындым сени . . . . . . . . . . . 73
Турайын кыйындык жолунда . . . . . . . 73
Кайдасыңар, Карлыгачтар (Музыкасы бар) . . . . 74

## ДОСТУК СЫРЛАРЫ

Буурул түнүң эстен кетпеди . . . . . . . . . 77
Оксана . . . . . . . . . . . . . . 78
Досторума . . . . . . . . . . . . . 80
Пейлим жылуу урунса . . . . . . . . . 81
А биз болсок . . . . . . . . . . . . 82
Айта барыңыз . . . . . . . . . . . . 83
Алкыш айтат миң ирет . . . . . . . . . 84
Таазим кылам . . . . . . . . . . . . 85
Достук барда . . . . . . . . . . . . 86
Казак кайрыктарынан. Досума . . . . . . . 88
«Жаркент» арашаны . . . . . . . . . . 90
Атыңды атап эскерет . . . . . . . . . . 91
Акын Сара . . . . . . . . . . . . . 92
Кел, досум! . . . . . . . . . . . . 93
Кырчын өмүр (Курбум Умуке Касымовдун эстелигине) . 94

Ишеним жөнүндө . . . . . . . . . . . . 95
Жүрөк каалоолору . . . . . . . . . . . 96
Унутпа . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Сени ойлосом . . . . . . . . . . . . . 98

## ЭМГЕК ТАҢЫ — ЭМГЕК ТАҢЫ ЖҮРӨКТӨ

Карызмын . . . . . . . . . . . . . . . 101
Жерди сакта . . . . . . . . . . . . . 102
Оюмда . . . . . . . . . . . . . . . . 103
Уулума . . . . . . . . . . . . . . . . 104
Эмгек майы . . . . . . . . . . . . . . 105
Жаздагы өрүк . . . . . . . . . . . . . 107
Нарын дайра — чебер уз . . . . . . . . 109
Зымдар жана мамылар . . . . . . . . . 111
Бактылуу карылык . . . . . . . . . . . 112
Сыйлай бил . . . . . . . . . . . . . . 114
Дүбүрт таштап жылкылар зуулап келет . . . . 116
Эртең менен . . . . . . . . . . . . . 118
Билимдүү экен . . . . . . . . . . . . 120
Тыңшачы күүнү . . . . . . . . . . . . 121
Жалбырактар . . . . . . . . . . . . . 122

## МАХАБАТ БҮЧҮРЛӨРҮ

Сагыныч . . . . . . . . . . . . . . . 125
Кез болуп сенин өтөр жолдоруңан . . . . 126
Бийлеп ойду, жетелейсиң сезимди . . . . 127
Жаз гүлү болуп жайнап келем . . . . . 128
Өлбөс болуп жашайын . . . . . . . . . 129
Көрүнчү . . . . . . . . . . . . . . . 130
Сага . . . . . . . . . . . . . . . . . 131
Махабат . . . . . . . . . . . . . . . 132
Мөлтүр булагым . . . . . . . . . . . . 133
Эскирбеген сүйүүлөр . . . . . . . . . 135
Лилия гүлүнө . . . . . . . . . . . . . 136
Кызыктуу белем . . . . . . . . . . . . 137
Сени гана издедим . . . . . . . . . . 138
«Асман тунук, Ай тунук, . . . . . . . 139

## МАКСАТ САПАРЫ ТҮГӨНБӨС

Күн көтөрүп барайын . . . . . . . . . . . . . . 143
Канат күүлөп алыска . . . . . . . . . . . 145
Сүйгөнүм өскөн жерлердс . . . . . . . . . 146
Тынчтык тилектери . . . . . . . . . . . 148
Жолдор узак . . . . . . . . . . . . . . 150
Өзүң мага . . . . . . . . . . . . . . . 151
Кайра тирилген акын . . . . . . . . . . . 153
Максат сапары . . . . . . . . . . . . . 154
Түндөргө күн жолун салгыла . . . . . . . . 155
Төрөлүпмүн . . . . . . . . . . . . . . 156
Жашоо кумары . . . . . . . . . . . . . 157
Бүркүттөр . . . . . . . . . . . . . . 158
Үмүтүм жанып көп ишкс . . . . . . . . . . 159
Биринчи кар . . . . . . . . . . . . . 160
Сулуулар . . . . . . . . . . . . . . 161
Китепканачы кызга . . . . . . . . . . . 162
Каркыралар . . . . . . . . . . . . . 163
Мекеним жана мен . . . . . . . . . . 165
Сүйлөшүү . . . . . . . . . . . . . . 166

**МОЯ ОТЧИЗНА**

*Стихи*

Для молодежи

Жаштар үчүн

Редактор *К. Өгөбаев*
Художник *А. С. Осташов*
Худ. редактор *К. Сейталиев*
Техн. редактор *Ш. Борчубаева*
Корректор *Г. Садабаева*

Фрунзе, издательство «Мектеп».

ИБ — 483